Кырг.
2005-1001

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ МИНИСТРЛИГИ
И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ПЕДАГОГИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ

*УДК 8 (07)*
*Кол жазма укугунда*

**ИСАМИДИНОВ Искендер Чоңмурунович**

# КЫРГЫЗ ОРТО МЕКТЕПТЕРИНДЕ АДАБИЯТ ТЕОРИЯСЫН ОКУТУУ

Адистиги:
13.00.01 – Жалпы педагогика
13.00.02 – Окутуунун теориясы жана методикасы
(кыргыз адабияты)

Педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

Бишкек – 2005

Диссертациялык иш Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин кыргыз тилин жана адабиятын окутуунун методикасы кафедрасында аткарылды.

**Илимий кеңешчилер:** педагогика илимдеринин доктору, профессор Н.И.Ишекеев;

филология илимдеринин доктору, Кыргыз Республикасынын улуттук илимдер академиясынын корр.-мүчөсү, профессор А.А. Акматалиев.

**Расмий оппоненттер:** педагогика илимдеринин доктору Т.Э. Уметов;

педагогика илимдеринин доктору, профессор Т.К.Жумажанова (Казак Республикасы);

филология илимдеринин доктору, Кыргыз Республикасынын улуттук илимдер академиясынын корр.-мүчөсү, профессор Р.З. Кыдырбаева.

**Жетектөөчү мекеме:** Бишкек гуманитардык университети

Диссертациялык иш 2005-жылдын «15» февралында саат 14.00 И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык университетинде (Билим берүү академиясы тең уюштуруучу) педагогика илимдеринен докторлук (кандидаттык) илимий даражаны изденип алуу боюнча уюштурулган Д.13.04.263 Диссертациялык кеңештин жыйынында корголот.

Дареги: 720023, Бишкек шаары, 10-кичи району, Камская көчөсү, 10А

Диссертация менен И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык университетинин илимий китепканасынан таанышууга болот.

Автореферат 2005-жылдын «14» январында таркатылды

Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, педагогика илимдеринин кандидаты,улук илимий кызматкер **Н.И. Ибраева**

## Жалпы мүнөздөмө

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Кыргыз Республикасын 2010-жылга чейин өнүктүрүүнүн комплекстүү негизи боюнча улуттук жыйында сүйлөгөн сөзүндө өлкөнүн Президенти А. Акаев: «Азыркы учурда биздин алдыбызда турган эң башкы милдет – республикабыздын ар бир жараны сапаттуу орто билимге ээ болушун камсыз кылуу болуп саналат»[1], – деп көрсөткөн.

Ошого ылайык аталган жалпы улуттук стратегияда адамдык ресурстарды өнүктүрүү үчүн билим алуунун жеткиликтүүлүгүн жана сапатын көтөрүү, жаңы маалымат технологиясын пайдалануу, компьютерлештирүү менен эл аралык билим берүү мейкиндигине кошулуу реформалардын негизги багыты болорлугу айкын аныкталган. Бирок ага карабастан, «...окутуу ыкмалары көп учурда азыркы коомдун талаптарына ылайык келбей»[2] жаткандыгы да белгиленген. Андыктан мектептеги окуу предметтерин, анын ичинде кыргыз адабияты боюнча билим берүүнүн мазмунун, формаларын, методдорун жана каражаттарын өркүндөтүү күн тартибинде турат.

Орус адабият илиминде М.В. Ломоносов, Ф.И. Буслаев, В.И. Водовозов, В.Я. Стоюнин, В.П. Острогорский ж.б. мындан эки жүз жылдан мурда баштаган бул илимдин алгачкы башталмалары кийинки мезгилде Н.М. Соколов, М.А. Рыбникова, Л.С. Троицкий, В.В. Голубков, Я.А. Роткович, Г.А. Гуковский, А.И. Ревякин, В.Р. Шербина, Н.И. Кудряшев, Н.В. Колокольцев, Н.Л. Молдовская, А.М. Докусов, В.А. Никольский, Н.О. Корст, С.А. Смирнов, А.А. Липаев, З.Я. Рез ж.б. көптөгөн көрүнүктүү окумуштуу, педагог-методисттер тарабынан ар тараптан иштелип чыкты жана иштелип жатат. Натыйжада орус адабиятын окутуу жөнүндөгү усулдук ойлорду жана жыйынтыктоолорду өркүндөтүү аркылуу аларды фундаменталдуу өз алдынча илимге айландырышты.

[1] Акаев А. Кыргыз Республикасын 2010-жылга чейин өнүктүрүүнүн комплекстүү негизи боюнча улуттук жыйында сүйлөгөн сөзү: Кыргыз Республикасынын 2010-жылга чейин өнүктүрүүнүн комплекстүү негизи. – Бишкек, 2002,7-б.

[2] Кыргыз Республикасынын 2010-жылга чейин өнүктүрүүнүн комплекстүү негизи. – Бишкек, 2002,23-б.

Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы илими кыргыз тилин окутуунун методикасы илимине караганда кечигип башталды. Себеби улуттук тилдин өзгөчөлүгүнө ылайык алфавитти иштеп чыгуу, анын нормативдүү грамматикасын түзүү, терминдерди тактоо ж.б. маселелер биринчи иретте күн тартибинде турган. Ал эми жазма адабияттын пайда болушу, жаралышы улуттук тилдин мына ушул маанилүү жагдайларына тыгыз байланыштуу эле. Ошондой эле бул учурда фольклордук жана эл акындарынын оозеки түрдө жаралган чыгармаларынан башка азыркы жазма адабияттын үлгүлөрү дээрлик белгисиз эле. Ушуга байланыштуу кыргыз тили боюнча окуу программаларына, окуу куралдарына караганда кыргыз адабиятында дидактикалык комплекстердин кийин пайда болушу мыйзам ченемдүү көрүнүш болгон.

Өткөн кылымдын кыркынчы жылдарында кыргыз адабиятын окутууга арналган алгачкы макалалар жарыяланды. Ал эми элүүнчү жылдарды анын илим катары калыптанышынын башталышы деп кароого негиздүү өбөлгөлөр бар. Алтымышынчы жылдан тартып, кыргыз адабиятын окутуунун методикасынын системалуу курсун иштеп чыгууга карата болгон иштиктүү аракеттер башталат: В.Шнейдмандын "V–VIII класстарда адабияттык окуу иши" (1961), З. Усубалиев, А. Садабаевдин «Адабиятты окутуунун айрым маселелери» (1963), К. Иманалиевдин "Кыргыз адабиятын окутуунун жолдору" (1966), Б. Алымовдун "Жогорку класстарда жазуу жумуштарын жүргүзүүнүн айрым маселелери" (1968) деген эмгектери жарыкка чыгат. Натыйжада өткөн кылымдын жетимишинчи жылдарынан тартып, кыргыз адабиятын окутуунун методикасы илими интенсивдүү, ыкчам өнүгүүнүн тилкесине өттү. Т. Сатылгановдун, А. Токомбаевдин, М. Элебаевдин, Ч. Айтматовдун өмүр баяндарын, чыгармаларын, IV–VII класстарда кыргыздын элдик оозеки адабиятын үйрөнүүгө арналган кандидаттык диссертациялар (Б. Алымов, З. Усубалиев, А. Мамбеталиев, К.Сабаева, Т.Молдогазиев) жакталды.

1972-жылы орто мектептерде кыргыз адабиятын окутуу методикасынын жалпы теориялык проблемаларына арналган Орто Азия жана Казакстан республикаларынын адабиятты окутуу методикаларынын тарыхында биринчи



болгон докторлук диссертация К. Иманалиев тарабынан ийгиликтүү корголду[1].

Көп узабай автордун "Кыргыз адабиятын окутуунун методикасынын негизги маселелери" (1973), "Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы" (1976) деген методиканын бүтүндөй илимий курсун негиздеген маанилүү изилдөөлөрү студенттердин жана мектеп мугалимдеринин колуна тийди. Жалпы теориялык жана методикалык курс иштелип чыккандан кийин методист-окумуштуулардын алдында кыргыз адабиятынын бөлүмдөрүн окутуунун жекече методикасы боюнча окуу китептерин түзүү милдети келип чыкты. Бул орчундуу проблеманы чечүү жумушуна биринчилерден болуп Б. Алымов киришип, натыйжада эки китептен турган "Кыргыз совет адабиятын окутуунун методикасы" (1981, 1984) деген окуу китебин жарыялады.

Кыргыз мамлекеттик университетинде кыргыз тилин жана адабиятын окутуунун методикасы кафедрасы ачылды (1974–1975-окуу жылында). Анын алдында аспирантура иштей баштады. Ушул учурдан баштап, кыргыз адабиятын окутуу методикасынын иштеле элек проблемаларын конкреттүү чечүүгө мүмкүнчүлүк түзүлдү. Натыйжада кафедранын ошол мезгилдеги аспиранттары Н. Ишекеев "Кыргыз орто мектептеринде эпикалык чыгармаларды үйрөнүүнүн мазмуну жана методдору" (1982), С. Мойдунова "Кыргыз адабияты боюнча факультативдик окууда жогорку класстардын окуучуларынын эмгекке болгон кызыкчылыгын тарбиялоо" (1987), С.Батаканова "Республиканын жалпы билим берүүчү орто мектептеринин IX–X класстарында кыргыз жазуучуларынын драмалык чыгармаларын үйрөнүүнүн методикасын өркүндөтүү" (1988), Ү.Култаева «Кыргыз адабиятын предмет аралык байланышта пайдалануу жогорку класстардын билимин тереңдетүүнүн каражаты катары» (1989), Т. Мусанбетов "Орто мектептерде А. Осмоновдун өмүрү жана чыгармачылыгын үйрөнүү" (1990), И. Исамидинов "Кыргыз орто мектептеринде Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларын үйрөнүүнүн процессинде окуучулардын адабий-теориялык түшүнүктөрүн калыптандыруу" (1993) деген темадагы кандидаттык диссертацияларын жакташты.

---

[1] Иманалиев К. Методика преподавания кыргызской литературы в средней школе: Автореф. дисс. ..док.пед.наук. – Фрунзе, 1972. – с. 160.

Мына ушул кырдаалдан баштап, бөтөнчө Кыргыз Республикасы өз эгемендүүлүгүнө ээ болгондон кийин кыргыз адабиятынын методикасы таза улуттук илим катарында ургалдуу жана мазмундуу өнүгүүдө. Илимий жана педагогикалык тажрыйбалар бийик деңгээлдеги теориялык жалпылоолорго, аныктамаларга ээ болууда. Көп жылдык илимий изденүүлөрүнүн жыйынтыгы катарында Б. Алымов «Кыргыз адабиятын (1920–1990-ж.) мектептерде окутуунун илимий-методикалык негиздери» (1994) жана Н. Ишекеев «Республиканын мектептеринде кыргыз адабиятын окутуунун тарыхы жана анын азыркы этаптагы актуалдуу проблемалары» (1994) деген темада педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражаларын изденип алуу үчүн диссертацияларын ийгиликтүү коргошту.

Аталган эмгектерди улай кандидаттык диссертациялар жакталды. Алсак: С. Момуналиев «V–VIII класстарда лирикалык чыгармаларды окутуунун теориялык жана практикалык негиздери» (1995), Д. Саалиева «Мектепте «Манас» эпосун үйрөнүүнүн методикасы» (1995), А. Турдугулов «Республиканын мектептеринде акындар поэзиясын окутуунун методикасы (Байымбет менен Барпынын поэзиясынын мисалында)» (1995), Б. Оторбаев «Семетей» жана «Сейтек» эпосторун окутуунун мазмуну жана методу» (1995), Ж. Уразова «Элдик оозеки чыгармалардын сюжеттеринин негизинде жазылган драмаларды окутуунун илимий-методикалык негиздери» (2000), Б. Байсабаев «Жогорку класстарда Чыңгыз Айтматовдун өмүрүн, чыгармаларын окутуунун илимий-методикалык негиздери» (2000), А. Муратов «Адабий–теориялык түшүнүктөрдү калыптандыруунун илимий–методикалык негиздери (V–VIII класстардын мисалында)» (2001).

Ошентип, кыргыз адабиятын окутуунун методикасы өз алдынча, нукура улуттук илим катарында азыркы күндө кадыресе калыптанып, өнүгүүнүн андан аркы сапаттык баскычтарын башынан өткөрүп жатат деген ой корутундусун чыгарууга толук негиз берет.

Кыргыз адабиятынын методикасында чечиле элек проблемалар алиге жыш десек болот. Ошол проблемалардын бири – кыргыз адабияты сабагында адабий-теориялык түшүнүктөрдү окутуунун методикасы.



Орус адабиятын окутуунун методикасында А.Г. Балыбердин, Г.И. Беленький, С. Наровчатов А.И. Ревякин, М.А. Снежневская, Л.В. Тодоров, В.Р. Щербина ж.б. көрүнүктүү окумуштуулар адабият теориясын окутуунун методикасын иштеп чыгышкан. Түрк тилдүү адабияттардын методикасында аталган маселени Ж. Ахмедов, Т. Жумажанова, А. Зуннунов, А. Карабаглы, А. Кошимбаев, Ш. Микайлов, А. Мураддурдыев, Ж. Эсенов, А. Самедов О. Язымов ж.б. өздөрүнүн улуттук адабиятынын негизинде өркүндөтүшкөн.

Ал эми кыргыз адабият сабагында теориялык түшүнүктөрдү окутуунун абалына көз жүгүртсөк, башкача көрүнүштөргө туш келебиз. Методика боюнча жарык көргөн эмгектердин эч биринде да бул проблема атайын изилдөөнүн объектиси катарында каралган эмес. Мына ушул жагдайдан караганда, адабият теориясын окутуу боюнча фундаменталдуу изилдөөгө жана окуу куралына билим берүү процесси өтө муктаж экендиги талашсыз. Адилеттик үчүн айта кетүү керек, бул проблема атайын изилдөөнүн объектиси болбосо да, айрым окумуштуулардын эмгектеринде тигил же бул даражада каралгандыгын белгилебей кое албайбыз. Алардын айрым урунттууларына экскурс жасап көрөлү.

К. Иманалиевдин китебинде "Орто мектептерде адабияттын теориясын үйрөнүү маселеси" деген бөлүм[1] берилген. Анда теориялык түшүнүктөрдөн маалымат берүүнүн методикада алган орду, окуучуларга адабият боюнча терең билим берүүдөгү ролу, үйрөтүүдө колдонула турган принциптер каралган. Ырас, мындан тышкары көркөм чыгарманын айрым курамдык бөлүктөрү, типтүүлүк проблемасы, кыргыз ыр курулуштары жөнүндө маалымдоонун үлгүлөрү да берилгендигин белгилебей коюуга болбойт. Асыресе, булар адабият теориясынан маалымат берүүнүн жалпы жоболорун бекемдөө максатында гана колдонулган.

Б. Алымовдун китебинде "Көркөм адабият жөнүндө алгачкы түшүнүк" деген чакан глава[2] бар. Анда көркөм адабияттын илимден жана искусствонун башка түрлөрүнөн

---

[1] Иманалиев К. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы. – Фрунзе: Мектеп, 1976, 182–221-б.

[2] Алымов Б. Кыргыз совет адабиятын окутуунун методикасы. – Фрунзе: Мектеп, 1981, 26-30-б.

айырмаланган табияты туурасында окуучуларга түшүнүк берүүнүн методикалык маселелери мүнөздөлөт. Адабий жанрлар жөнүндөгү жалпы маалыматтар да ар кандай чыгармаларды үйрөнүүнүн контекстинде берилет. Н. Ишекеевдин эмгектеринде[1] теориялык түшүнүктөрдү үйрөтүүнүн эволюциясы кыргыз адабиятын мектептерде окутуунун контекстинде каралат, прозалык чыгармаларды окутуунун алкагында жанрга тиешелүү айрым адабий-теориялык маселелери козголот. Бирок бул эмгектерде да адабияттын теориясынан окутуу проблемасы атайын системалуу изилдөө объектисинин деңгээлине көтөрүлгөн эмес.

А. Муратовдун «V–VII класстарда адабият теориясын окутуу" (1990) деген колдонмосу мугалимдердин практикалык иштерине кадыресе көмөк көрсөтөрүнө шек келтирүүгө болбойт жана бул демилге кубаттоого гана татыктуу. Китепчеде айрым программага кирген жана анда жок материалдардын негизинде адабий каарман, тек, жанр, сюжет, композиция, троптун түрлөрү жана ыр курулуштары жөнүндөгү түшүнүктөрдү үйрөнүүнүн айрым ыкмалары кыскача баяндалган. Ал эми диссертациялык эмгегинде V–VIII класстардагы гана кыргыз адабияты сабактарынын натыйжалуулугун арттыруу үчүн адабий-теориялык түшүнүктөрдү калыптандыруунун мүмкүндүктөрүнө кайрылган. "Орто мектептин мугалимдери жана окуучулары үчүн" деген рубриканын алдында Ж. Шериев, А. Муратов түзгөн "Адабият терминдеринин түшүндүрмө сөздүгү" (1987, 1994) жарыяланган. Албетте, сөздүктөр ар кандай колдоого татыктуу. Бирок булар дагы методикалык изилдөө эмес экендиги өзүнөн-өзү түшүнүктүү.

Демек, адабият теориясын окутуунун методикасын атайын, өз алдынча иштеп чыгуу концептуалдуу жана фундаменталдуу ири проблема экени талашсыз чындык. Дал ушунун өзү теманын актуалдуулугун аныктайт.

**Изилдөөнүн объектиси.** Жалпы билим берүүчү орто мектептерде кыргыз адабиятын окутуу процесси.

**Изилдөөнүн предмети.** Кыргыз мектептеринде адабият теориясын окутуунун методикасы.

---

[1] Ишекеев Н. Кыргыз адабиятын мектептерде окутуунун тарыхы. – Бишкек, 1994. –387 б.; Мектептерде прозалык чыгармаларды окутуу. – Бишкек: Кыргызстан,1997. – 160 б.



**Изилдөөнүн максаттары:**

(1) жалпы билим берүүчү мектептерде адабият теориясын үйрөтүүдө жана окутууда педагогикалык, методикалык проблемаларды жана мыйзам ченемдүүлүктөрдү ачып берүү;

(2) адабият боюнча киришүү сабактарында адабий-теориялык түшүнүктөрдү окутуунун методикалык негиздерин иштеп чыгуу;

(3) элдик оозеки адабияттын үлгүлөрүн өздөштүрүү процессинде адабий- теориялык түшүнүктөрдүн системасына ээ болууда методдордун, ыкмалардын жана каражаттардын комплексин аныктоо;

(4) кыргыз профессионал адабиятын үйрөтүү процессинде адабият теориясынын негиздерин окутуунун илимий-методикалык өбөлгөлөрүн тактоо жана системалаштыруу;

(5) окуу кыргыз тилиндеги мектептерде адабият теориясына таянуу аркылуу кыргыз адабиятын окутуунун принциптерин жана илимий системасын уюштуруу.

<u>**Изилдөөнүн божомолу:**</u> Эгерде окуу программаларына адабий-теориялык түшүнүктөр чыгармалардын көркөм-эстетикалык табиятына жана окуучулардын куралтык өзгөчөлүгүнө, таанып-билүү деңгээлине ылайык диалектикалык планда берилсе; окуу куралдарындагы теориялык түшүнүктөрдүн мазмуну педагогикалык жана логикалык негизде ачылса; теориялык түшүнүктөрдү окутууга тиешелүү адабий-педагогикалык, дидактикалык-методикалык маселелер аныкталса; кыргыз адабиятын окутуу процессинде теориялык түшүнүктөрдү үйрөтүүнүн системасы уюштурулса, бул илимий божомолдорго жараша изилдөөнүн төмөнкүдөй милдеттери белгиленди.

<u>**Изилдөөнүн милдеттери.**</u> 1. Окуу-методикалык комплекстердеги адабият теориясынын материалдарынын берилишин диахрондуу, синхрондуу анализдөө жана синтездөө. 2. Теориялык түшүнүктөрдү окутуудагы типтүү кемчиликтерди айкындоо менен аларды четтетүүнүн мүмкүндүктөрүн табуу. 3. Адабият таануу жана адабиятты окутуунун методикасы илимдеринин органикалык байланыштарын негиздөө. 4. Теориялык түшүнүктөрдү окутууга коюлуучу адабий-дидактикалык, методикалык талаптарды жана принциптерди аныктоо. 5. Киришүү сабактарында берилүүчү адабий-тео-

риялык түшүнүктөрдү окутуунун методикасын иштеп чыгуу. 6. Элдик оозеки чыгармалардын жана профессионал жазма адабияттын үлгүлөрүн үйрөтүү процессинде теориялык түшүнүктөрдү окутуунун адабий-дидактикалык негиздерин сунуштоо. 7. Мектептердеги кыргыз адабияты сабагында теориялык түшүнүктөрдү окутуунун системасын иштеп чыгуу жана аны тажрыйбалык негизде практикада текшерүү.

**Изилдөөнүн методологиялык негиздерин** таанып-билүүнүн диалектикалык теориясы, ошондой эле адабий-теориялык, методикалык, педагогикалык, дидактикалык, психологиялык илимдердин маанилүү эрежелери, жетишкендиктери жана окутуу-тарбиялоо процессиндеги тажрыйбалардын жыйынтыктары түздү.

**Изилдөөнүн усулдары:** 1) Салттуу усулдар: педагогикалык байкоо; адабиятты окутуу тажрыйбасын изилдөө; адабият предметине тиешелүү документацияларды үйрөнүү; маалыматтарды (кемчиликтерди жана жетишкендиктерди) жалпылаштыруу; окуучулардын чыгармачылыгын (жазуу, оозеки) талдоо жана аңгемелешүү; 2) педагогикалык тажрыйба; 3) педагогикалык-социологиялык усулдар: окуу-методикалык комплекстерди жана илимий эмгектерди үйрөнүү, анализдөө; анкета жүргүзүү; суроолорго жооп алуу; мугалимдердин тажрыйбаларын үйрөнүү жана талдоо; 4) педагогикалык тест; 5) статистикалык усулдар.

Эксперимент 1990–2003-жылдарда үч этапта жүргүзүлдү. Ага Бишкек шаарындагы № 1, 5, 38, 39, 67, 51, 83 – мектептер тартылды.

1-этапта (1990–1993) аныктоочу тажрыйба уюштурулду. Анда изилденип жаткан темага байланыштуу адабий-методикалык, дидактикалык жана психологиялык булактар өздөштүрүлдү. Мектеп мугалимдеринин иш-тажрыйбалары үйрөнүлдү жана жалпылаштырылды. Окуучулардын билим деңгээлдери аныкталды. Адабият теориясын окутуудагы типтүү жетишкендиктер жана кемчиликтер айкындалды. Улуттук университеттин кыргыз тилин жана адабиятын окутуунун методикасы кафедрасында окутуучу – доцент катарында студенттерге дарс окууда, практикалык сабактарды өткөрүүдө, IV–V курстун студенттеринин педагогикалык практикасына жетекчилик кылууда аталган темага байланыштуу изилдөөлөр жана байкоолор улантылды. Булар илимий божомолду негиздеди.



2-этапта (1994–1998) үйрөтүү, түзүү тажрыйбасы жүргүзүлдү. Адабият теориясын окутуу процессинин максаттары, мазмундары, методдору, формалары жана каражаттары иштелип чыкты. Ал материалдардын негизинде тажрыйба жумуштары үзгүлтүксүз улантылды. Сабактардын жыйынтыктары талдоого алынды жана өркүндөтүлдү. Студенттерге «Адабият теориясын окутуу» деген курс иштелип чыкты жана окутулууда. Илимий конференцияларда тажрыйбанын жыйынтыктары баяндама түрүндө билдирилди жана талкууланды, оң бааларга арзыды. Ошентип, адабий-теориялык түшүнүктөрдү окутуунун илимий негиздери иштелип чыкты жана мектеп өндүрүшүнө сунушталды.

3-этапта (1999–2003) текшерүү, жайылтуу тажрыйбасы ишке ашырылды. Изилдөөнүн мазмуну, формалары жана жоболору кайрадан текшерүүдөн өткөрүлдү, айрым алымча-кошумчалар киргизилди. Илимий жана практикалык процесстерди концептуалдуу жыйынтыктоо аркылуу окутуунун системасы түзүлдү.

**Илимий изилдөөнүн жаңылыгы жана теориялык мааниси:** биринчи жолу кыргыз адабиятын окутуунун методикасында (а) кыргыз мектептеринде адабий-теориялык түшүнүктөрдү окутуунун методикасынын абалы системалуу-комплекстүү талдоо аркылуу көрсөтүлдү; (б) адабияттын мектептик курсунда адабий-теориялык аныктамаларды окутуунун эволюциясы диахрондуу-аналитикалык усулду колдонуунун негизинде изилденди; (в) азыркы мезгилдеги адабият теориясын окутуунун актуалдуу проблемаларына талдоо жүргүзүлдү; (г) кыргыз адабиятынын мектеп курсунда адабий-теориялык түшүнүктөрдү окутуунун илимий жактан такталган теориялык жана методикалык негиздери иштелип чыкты; (д) адабий-теориялык категорияларды окутуунун жалпы дидактикалык системасынын концепциясы сунушталды.

**Изилдөөнүн материалдары жана жыйынтыктары** ири илимий проблемалардын чечилгендигин айкындайт жана ал жакын илимий тармактарга, атап айтканда, жалпы педагогика, дидактика, кыргыз тилинин методикасы үчүн да концептуалдуу мааниге ээ.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси.** 1. Диссертациянын жыйынтыктары мектептерде кыргыз адабияты боюнча би-

лим берүү концепциясын, стандартын, окуу программаларын, окуулук-хрестоматияларды, окуу китептерин, хрестоматияларды жана методикалык колдонмолорду өркүндөтүүгө жардам берет. 2. Мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун сапатын көтөрүүгө түздөн-түз көмөк түзөт. 3. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасынын илимий – системалык курсун өркүндөтүүгө бай факт-материалдарды берет. 4. Аталган илимдин орчундуу бир салаасы катарында жогорку окуу жайларынын кыргыз филология факультеттеринде өзүнчө курс катары үйрөтүлөт (кыргыз филологиясы боюнча кесиптик жогорку билим берүүнүн стандартынын жаңы муунуна өзүнчө дисциплина катары кирген). 1990–1991- окуу жылынан бери Улуттук университетте атайын курс, кийинчерээк жалпы курс катарында окутулуп келатат. Эң башкысы, студенттерге, практиканттарга, аспиранттарга, мугалимдерге, методисттерге, филолог-окумуштууларга жана адабиятты окутуунун маселелерине кызыккандар үчүн зарыл.

**Изилдөөнүн натыйжаларын тастыктоо (апробациялоо) жана практикада пайдалануу, жыйынтык-корутундуларды ишке киргизүү (внедрение) төмөнкүдөй болду.** Диссертация Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин, Билим берүү академиясынын, И. Арабаев атындагы Кыргыз педагогикалык университетинин, Бишкек гуманитардык университетинин, Манас таануу жана көркөм маданияттын улуттук борборунун окумуштууларынын катышуусу менен биргелешип кеңири талкууланды. Илимий иштин негизги материалдары жана анын өзөктүү жоболору 1979–2003-жылдардын аралыгында Улуттук университеттин кыргыз филология факультетиндеги окутуучу-профессорлордун илимий-практикалык конференцияларында, Бишкек шаарында өткөн республикалык жана мамлекеттер аралык конференцияларда атайын доклад, баяндама катарында окулган (Алматы). Изилдөөнүн материалдары боюнча кыргыз филология факультетинде «Адабият теориясын окутуу» деген жалпы курс (мурун атайын курс) окутулуп жатат. Эмгектин негизинде курстук жана дипломдук иштер жазылып келүүдө. Диссертациянын негизги мазмуну авторефератта көрсөтүлгөн илимий эмгектерде чагылдырылган. Ошондой эле бул эмгекте автордун 30 жылдан ашык илимий-педагогикалык тажрыйбасы жалпылаштырылган.



**Коргоого төмөнкүдөй негизги жоболор коюлат:**

– адабият таануу жана адабиятты окутуунун теориясы жана методикасы;

– теориялык түшүнүктөрдүн мазмунунун окуучулардын курактык өзгөчөлүгүнө, билим деңгээлине, класстын көлөмүнө, көркөм материалдын табиятына ылайык келишин аныктоо;

– теориялык түшүнүктөр талдоого алынып жаткан чыгармалардын факт-материалдарынын өзөгүнөн алынып, анализдөө процессинде түшүндүрүлүшүнүн жолдору;

– теориялык түшүнүктөрдүн жеңилден оорго, жөнөкөйдөн татаалга карай калыптандырылышы;

– киришүү сабактарында берилүүчү адабий-теориялык жалпы түшүнүктөрдү окутуунун негиздери жана процесси;

– фольклор жөнүндө адабий-теориялык маалыматтарды окутуунун мазмуну жана формалары;

– адабий жанрлар, сюжет жана композиция, шарттуулук тууралуу теориялык түшүнүктөрдү үйрөтүүнүн мазмуну жана методдору;

– адабият теориясын окутуунун мүнөздөмөлөрү, деңгээлдери жана жыйынтыктары;

– окутуу процессинин максаттары, мазмундары, методдору, формалары жана мыйзамченемдүүлүктөрү.

Диссертациянын түзүлүшү кириш сөздөн, төрт главадан, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

**Изилдөөнүн негизги мазмуну**

Иштин киришүү бөлүмүндө теманын актуалдуулугу, анын изилденишинин абалы, изилдөөнүн объектиси, предмети, максаты, божомолу, милдеттери, методологиялык негиздери, иликтөөнүн этаптары, илимий жаңылыгы, теориялык маңызы, практикалык мааниси, апробацияланышы ж.б. маселелер таржымалданат.

**I глава «Адабият теориясын окутуунун жалпы педагогикалык проблемалары»** деп аталат. Бул бөлүмдө төмөнкү илимий проблемалар өз алдынча параграфтарда чечмеленет: адабият таануу жана адабиятты окутуунун методологиялык негиздери; адабият теориясын окутуунун илимдеги

жана практикадагы абалы; кыргыз адабиятын окутууда адабият теориясынан билим берүүнүн принциптери.

Адабият илими көркөм чыгармачылыктын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн, жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрүн изилдейт. Аталган илимди адабияттын тарыхы, адабияттын теориясы жана адабий сын уюштурат.

Жалпы эле көркөм адабияттын жаралыш жана өнүгүш процесстерин, алардагы ар кандай багыттардын, методдордун эволюциялык калыптанышын, жазуучулардын жеке чыгармачылык жолун, өзгөчөлүгүн адабияттын тарыхы изилдейт. Адабияттын көркөм спецификасын, адабий процесстин жаралышын, принциптерин, социалдык табиятын, идеялык-эстетикалык, жанрдык, түрдүк, формалык бөтөнчөлүктөрүн, ошондой эле жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрүн адабияттын теориясы талдайт. Адабий процесстердин синхрондуу багыттарына, анын өзгөчөлүктөрүнө, чыгармачылык жетишкендиктерине жана үзгүлтүктөрүнө, жазуучулардын конкреттүү чыгармаларына, айрым бир көркөм дөөлөттөргө өз убагында, өз учурунда идеялык-эстетикалык талдоону жана синтездөөнү адабият таануу илиминин бир тармагы болуп эсептелген адабий сын берет.

Адабият таануу илиминин мына ушул үч тармагы менен кыргыз адабиятын окутуунун методикасы өтө тыгыз жана органикалык байланышта экендиги эмгекте кеңири иликтенген.

Мектептерде адабият теориясынан маалымат берүүдө мезгилдин сынынан өткөн жана тажрыйбанын жүрүшүндө кеңири колдонулган орчундуу дидактикалык принциптер диссертацияда ар тараптуу чечмеленген. **Биринчи принцип** – адабияттын теориясынан маалымат берүү V–IX класстарда адабияттык окуу жана системалык курска жакындатылган үйрөнүү жумушу менен, X–XI класстарда кыргыз адабиятынын тарыхын үйрөнүү иши менен бирдикте жүргүзүлөт. Адабиятты окутууда да, адабияттын тарыхын үйрөнүү курсунда да тигил же бул көркөм-эстетикалык түшүнүк конкреттүү чыгарманы окуу, талдоо, таанып – үйрөнүү иши менен синкретикалык негизде алып барылат.

Үйрөнүлүп жаткан чыгарманын конкреттүү фактыларына таянбай механикалык түрдө түшүнүктүн аныктамаларын берүү же аны жаттатууга жол жок. Тигил же бул



теориялык жалпылоолор адабий фактыларга талдоо жүргүзүүнүн өзөгүнөн гана келип чыгууга тийиш.

**Экинчи принцип** – адабий-теориялык түшүнүктү окуучунун аң-сезиминде акырындык менен ырааттуу түрдө калыптандыруу. Теориялык дефинициялар, түшүнүктөр көркөм чыгармалардагы эмоциялык ж.б. касиеттерден алыс тургандыгы менен айырмаланат. Ушуга байланыштуу алар сезимдик кабылдоону эмес, эң оболу логикалык ой жүгүртүүлөрдү, талдоолорду талап кылат. Үйрөтүүдө салыштыруу, жалпыдан жекеге, жекеден жалпыга баруу ыкмаларын колдонуу натыйжалуу. Мисалы, эпитет менен салыштыруу түшүнүктөрүн салыштырып үйрөтүү оң. Ошондой эле лирика деген жалпы түшүнүктөн саясий лирикага, граждандык, пейзаждык, сүйүү лирикаларына өтүү же мунун тескерисинче аңгеме, повесть, роман деген жеке терминдерден эпос деген тектик аныктамага же драма деген түгөл аталыштан комедия, трагедия, драма деген жалкы түшүндүрмөлөргө же салыштыруу, эпитет, метафора, метонимия дагы ушул сыяктуу элкин маалыматтардан троп деген кең мааниге өтүү максаттуу жыйынтыктарга апкелет.

Көпчүлүк теориялык түшүнүктөр, аныктамалар кабыл алууга татаал болгондугу менен да айырмаланып турат. Чыгарманы талдоонун мезгилинде аларды дароо эле өздөштүрүп кетүү да мүмкүн эмес. Ошондуктан түшүнүктөр үзгүлтүккө учурабай, улануучулук принцибинин негизинде бир чыгармадан экинчи чыгармага өткөн сайын, класстан класска улам тереңдетилип, кеңитилип, кайталанып эске салынып жүрүп отурушу керек. Методиканын ушул принциби сакталганда гана окуучуларда, сөздүн толук маанисинде, адабий түшүнүктөр, аныктамалар тийиешелүү даражада калыптанат.

**Үчүнчү принцип** – адабияттын теориясынан маалымат берүүдө мазмун менен форманы ажырагыс бирдикте кароо. Мазмун жана форма жөнүндө туура, так илимий түшүнүккө ээ болуу адабияттын негизин, анын ички бөтөнчөлүктөрүн, илимдин жана искусствонун башка түрлөрүнөн айырмачылыктарын билүүгө мүмкүнчүлүк ачат. Адабий чыгарманын мазмуну реалдуу турмуштан алынат. Ал эми белгилүү бир реалдуу турмуштан алынган окуялардын сөз аркылуу жандуу, элестүү чагылдырылышы көркөм чыгарманын мазму-

нун түзөт. Көркөм чыгарма искусствонун башка түрлөрүнөн, илимден мына ушул сүрөттөлүп жаткан предметти, окуяны, сөздүн күчү аркылуу окуучунун көз алдына жандуу тартылгандай кылып элестүү чагылдырылышы менен айырмаланып турат. Бул бөтөнчөлүк болсо, көркөм чыгарманын формасына тиешелүү. Турмуштагы окуялардын, көрүнүштөрдүн ар түркүн болушу көркөм чыгармалардын, сүрөттөмөлөрдүн формаларынын да көп түрдүү болушун шарттайт. Көркөм чыгарманын мазмуну жана формасы – эстетика, адабият таануу илиминдеги татаал маселелердин бири. Маселенин татаалдыгы мазмун менен форманын диалектикалык жактан ажырагыс бирдикте жана байланышта болгондугунда, бири-бирине өтмө катар өтүп тургандыгында.

**Төртүнчү принцип** – адабияттын теориясын окуучулардын кеп (речь) байлыгын өстүрүү жумушу менен байланышта үйрөтүү. Адабияттын теориясы окуучулардын аң-сезиминде көркөм адабияттын өзү жөнүндөгү билимин тереңдетүү, кеңитүү менен эле катар алардын сөз байлыгын өстүрүүнүн каражаты катарында да кызмат аткарат. Адабий-теориялык түшүнүктөрдү, туюнтмаларды окуучулар формалдуу түрдө эмес, аң-сезимдүү түрдө түшүнүү менен кабыл алып, толук өздөштүрүүгө жетишишсе, ошондо гана мурда өзүлөрүнө тааныш эмес болгон адабий терминдерди сиңирип алуулары аркылуу сөз байлыктары артат.

**Бешинчи принцип** – мектептерде кыргыз адабияты менен эле катар орус адабияты да окутулгандыктан, ушул эки предметтин өтмө катыштык, тагыраак айтканда, көркөм-эстетикалык теорияны үйрөнүүдөгү предмет аралык байланыш процесси. Азыркы учурда окуучулардын билимин тереңдетүү максатында аларды предмет аралык байланышта үйрөнүү кеңири практикаланууда. Кыргыз адабиятын эне тил, тарых, музыка, сүрөт, орус адабияты, айрым учурда география сыяктуу окуу предметтери менен байланышта үйрөнүү, окуучулардын бул предметтер боюнча өздөштүргөн билимдерине басым жасоо, алардын маалыматтык деңгээлдерин жогорулатууда методикалык ийкемдүү каражаттардын бири болуп калды. Ошондуктан адабият теориясынан билимдерди, билгичтиктерди, көндүмдөрдү өркүндөтүүдө мүмкүн болушунча окуучулардын орус адабиятынан өздөштүргөн маалыматтарына таянуу, аларды эске салуу



абдан пайдалуу. Ошол эле мезгилде бул окуучулардын орус адабияты боюнча билимдеринин активдешишине да белгилүү даражада мүмкүнчүлүк түзөт.

**Алтынчы принцип** – адабий-теориялык маалыматтарды окуучулардын чыгармачылыгын ойготуунун жана өстүрүүнүн каражаты катарында пайдалануу. Айталы, табышмак жөнүндө түшүнүктү өтүү менен окуучуларды табышмактарды ойлоп жазып келүүгө же ыр, аңгеме, тамсил тууралында маалыматтарды окутуу аркылуу ошондой жанрларды жаратуу үчүн аракеттенүүгө жана чыгармачылыкка машыктырууга болот. Сюжет, композиция жөнүндөгү түшүнүктөрдү өздөштүрүү сапатын байкоо иретинде эркин темадагы сочинениелерди жаздырууну практикалоо жөндүү.

Диссертацияда жогоруда белгилеп өткөн принциптер конкреттүү чыгарманы талдоо, эксперименттик материалдарды жалпылаштыруу аркылуу ишке ашырылган. Бул болсо көркөм чыгарманы үйрөнүүдөгү эки учурдун – адабий талдоо менен адабияттын теориясынан маалымат берүүнүн органикалык түрдөгү байланыштуулугун, бир бүтүн персенин эки жагы экендигин көрсөтөт.

Тажрыйбалык иштердин жыйынтыктарын, айрым алдыңкы мугалимдердин сунуштарын, өзүбүздүн жеке байкоолордун негизинде адабий-теориялык түшүнүктөрдү окуучуларга үйрөтүүдө "таанытуучу борбордук" темалар катарында төмөнкү варианттты сунуш кылабыз: V класста адабий каарман, VI класста композиция жана сюжет, VII класста көркөм чыгармаларда мүнөздөр менен кырдаалдардын өз ара байланышы, VIII класста көркөм адабияттагы образдуулук, IX класста адабияттын элдүүлүгү, X класста каармандын мүнөзүндөгү жекелик жана жалпылык, XI класста салт жана жаңычылык, көркөм психологизм.

Ортонку класстарда, биринчи планда айрым чыгармаларды үйрөнүү иши тургандыктан, негизинен, көркөм чыгарманын мазмунуна жана формасына байланыштуу түшүнүктөр ушул класстарда өздөштүрүлөт. Бирок ошол класстарда эле адабияттын жалпы касиеттерин, теориялык маселелерин акырындык менен үйрөнүү жана түшүнүү иштери башталат. Алар жетектөөчү мааниге ээ болгондуктары менен баалуу. Ошондуктан ири алдыда V–XI класстардын киришүү сабактарында берилүүчү жалпы теориялык түшүнүктөргө токтолуу зарылдыгы келип чыгат.

**II глава «Адабияттык окуу курсунда берилүүчү адабий-теориялык жалпы түшүнүктөр»** деген аталышта төмөнкү илимий проблемалар өз алдынча параграфтардын аспектисинде каралат.

Алар: адабияттын окуу предмети катарындагы табияты жана мүнөздүү өзгөчөлүктөрү; көркөм адабияттын негизги предмети, илимден жана искусствонун башка түрлөрүнөн айырмасы; тил-чыгарманын биринчи элементи; көркөм чыгарманын мазмуну жана формасы; турмуштун көп түрдүүлүгү жана аны көркөм чыгармада чагылдыруунун формалары; образ, образдуулук – көркөм сөз өнөрүнүн башкы касиети; сөз өнөрүнүн коомдук мааниси жана аларды окутуу.

Көркөм адабият менен адабият жөнүндөгү илимдин бири-бири менен болгон катышы ар кандай класста ар түрдүүчө болот: ортоңку класстарда адабияттын теориясынын элементардык курсу үйрөнүлсө, жогорку класстарда адабияттын тарыхы жана теориясы басымдуу орунду ээлейт. Ал эми башкы элемент адабий тил жана сөз өстүрүү жумушу болсо, жогоркулар менен табигый байланышта. Анткени сөздүн семантикасын жакшы түшүнбөй, билбей туруп, көркөм жана илимий ойлорду өздөштүрүүгө мүмкүн эмес.

Тажрыйбанын жүрүшүндө окутууга мүнөздүү болгон формалдуулук менен кездештик. Мугалим окутууда көркөм чыгарманы биринчи булак катарында пайдаланбайт, тескерисинче, окуу китеби алгачкы булак сындуу колдонулат. Натыйжада көркөм чыгарманын жана ал жөнүндөгү билимдин мааниси төмөндөйт. Окуучуну көркөм чыгарманын өзүн жөнүндөгү реалдуу билимге ээ кылбай туруп, анын речин өстүрүү аракети жемиштүү ийгиликке алып келбейт.

Искусство бул кеңири түшүнүк, анын живопись, архитектура, музыка, сүрөт сыяктуу түрлөрү белгилүү. Ошолордун бири – адабият. Искусствонун түрлөрүнүн бардыгында айтайын деген негизги ой, турмуш кубулуштары, көрүнүштөрү образ аркылуу гана берилет. Демек, турмуштагы окуялар, көрүнүштөр, адам тагдыры искусство чеберлеринин ойкыялында, фантазиясында, чыгармачылык өнөрканасында көркөм образ болуп кайрадан жаралат. Ал образдар жекелик, индивидуалдуу мүнөзгө, ошол эле мезгилде жалпылаштырылган, синтезделген касиеттерге эгедер. Бирок булардын бардыгы адам менен коомдун көйгөйлөрүн ар бири



өз "тили" аркылуу түшүндүрөт. Мына ошол өзгөчөлүктөр диссертацияда ар тараптуу каралган.

«Адабияттын эң биринчи элементи тил болуп саналат, ал – анын негизги куралы. Сөз – бардык фактылардын, бардык ойлордун кийими" (М. Горький). Сүрөт искусствосунда образды боек "тили", бийде адамдын ар кандай кыймыл-аракети, скульптурада ар түркүн таш материалдары, музыкада үн, ыргак, күү гармония аркылуу «сүйлөтөт». Ал эми көркөм адабият образды сөз аркылуу гана жаратат. Чыгармада образ гана эмес, анын сюжет-композициясы да, ыргак-уйкаштыгы да,табият көрүнүштөрүнүн ажайып коолдуктары да сөз аркылуу гана курулат. Бирок тилдеги сөздөрдү эстетикалык-поэтикалык ойду жаратуунун каражатына айландыруу жазуучунун чыгармачылык мүмкүнчүлүгүнө, талантына жана дүйнөгө болгон көз карашына байланыштуу. Ошондуктан чыгармадагы каармандардын социалдык-психологиялык бөтөнчөлүктөрүнө, кесибине, индивидуалдуу мүнөзүнө, жашына ылайык, ар биринин лексикалык өзгөчөлүгү жана баяндоонун стилине таандык касиеттер боло тургандыгын түшүндүрүүнүн мазмуну (Т. Сыдыкбеков, К. Баялинов, Т. Үмөталиев ж.б. чыгармалары мисалында), үйрөтүүнүн усулдары, ыкмалары, каражаттары диссертацияда жалпылаштырылган.

Мазмун – реалдуу турмуштагы тигил же бул окуяны, көрүнүш-кубулушту чагылдыруу, ага карата берилген образдык-эстетикалык идея, баа. Форма – көркөм чыгарманын көп жактуу, конкреттүү курулуш-түзүлүшү (структурасы). Тактап айтканда, ар кандай каражаттардын жардамы аркасында көркөм мазмунду ачуунун жолу, эстетикалык-образдык идеяны уюштуруунун ыкмасы. Көркөм форманын структурасы көп жактуу. Алар – көркөм чыгарманын жалпы курулушун түзүп турган композиция, окуялардын жүрүшүн жана өнүгүшүн тейлеп турган сюжет, анын элементтери көркөм каражаттар, табийгатты сүрөттөөлөр, диалог, монолог, ыр өлчөм түзүлүштөрү жана башкалар. Ошондой эле бир учурда мазмунга да, формага да тиешелүү болгон образдар да мазмунду берүүнүн каражатына жатат. Көркөм чыгармадагы улуттук форманын бир белгиси – тил. Көркөм каражаттар – салыштыруу, эпитет, метафора, метонимия жана троптун башка түрлөрүнүн бардыгы

чыгарманын формасын тейлейт. Мазмундун байлыгы жана көп түрдүүлүгү форманын да ар кандай болушуна алып келет. "Форманы мазмундан бөлүү — мазмундун өзүн жок кылуу, мазмунду формадан бөлүү форманын өзүн жок кылуу" (Н.Г. Чернышевский). Демек, форма менен мазмундун ажырагыс бирдиктүүлүгүн окутуу эмгекте кенен жана терең тыянакталган.

Адамдардын турмушу ар түрдүү жанрдык формаларда — поэзия, проза жана драма түрүндө ишке ашырылат. Кандай гана жанрдагы көркөм чыгарма болбосун, анын негизин турмуштагы реалдуулук түзөт. Ал эми чындык ар түрдүү. Мына ушул турмуштагы чындыктын түмөн түрдүүлүгүн адабиятта чагылдыруунун ар кандай жанрдык мазмундарын, формаларын окутуу маселелерине да диссертацияда кеңири орун берилген. Ар бир жанрдын өзгөчөлүгүнө жараша образды берүүнүн ыктары, жолдору болот. Мисалы, тамсилде адам образдары каймана, аңгеме, повесть, романдарда тике маанисинде туюндурулат. Образдар ар кандай жолдор менен түзүлсө да, максат — адамдын адам, чөйрө, турмуш жана коом менен болгон байланышын көрсөтүү. Мына ушул тилекти ишке ашырыш үчүн жазуучу чыгармага өзөк кылып алган окуяларды бир же бир нече адамдын айланасына топтойт. Чыгармачылык эргүүнүн негизинде адамдардын ар биринин ой-санаасын, тышкы көрүнүшүн, мүнөзүн, манерасын, адамдарга жана коомго жасаган мамилесин, кала берсе ички дүйнөсүндө эмнелерди ойлоп жатканына чейин көз алдынан өткөрүп, жекече элесин түзөт. Натыйжада ошол окуяга катышып жаткан каармандардын ар биринин образынын эстетикалык жана тарбиялык кудурети даана көрүнө баштайт. Адабий илимде чыгармадагы образдардын аткарган кызматына жана алган ордуна карап, башкы каарман, экинчи даражадагы каарман ж.б. терминдер колдонулат. Окутуу ишинде көркөм чыгармада кандай образдар («Биринчи мугалим», «Мезгил учат», «Биздин замандын кишилери», «Көл боюнда», «Ажал ордуна», «Каныбек», «Бетме-бет», «Узак жол», «Тоо арасында», «Ажар» ж.б. чыгармалардагы образдардын мисалында) боло тургандыгын, алардын эстетикалык маанисин жана тарбиялык касиетин ачып түшүндүрүүнүн мазмундары, формалары кеңири анализделген. Ошондой эле диссертацияда образдардын



типтүүлүгү, образ-пейзаж, образ-эмоция, образ-символ, образдардын прототиптери жана көркөм образдуулугу өңдүү проблемаларды үйрөтүүнүн мүмкүндүктөрү да адабий-методикалык ойдун чордонун түзөт.

**III глава «Кыргыздын элдик оозеки чыгармаларын үйрөнүүдө адабий-теориялык түшүнүктөрдү калыптандыруу»** деп аталып, төрт параграфтан уюштурулган. Мында төмөнкү илимий проблемалар изилдөөнүн предмети болот: элдик оозеки чыгармачылык жөнүндөгү түшүнүктөр; ал жөнүндөгү адабий-теориялык маалыматты өркүндөтүү; программалык материалдардын негизинде жөө жомоктор жөнүндө адабий-теориялык түшүнүк берүү.

Окуучуларда адабий-теориялык түшүнүктөрдү калыптандыруу — өтө татаал жана узакка созулуучу процесс. Чындыгында эле, бир дагы адабий түшүнүк окуучулар тарабынан дароо эле, ал гана эмес бир жолку терең талдоодо да толук өздөштүрүлүшү мүмкүн эмес. Ошондуктан бир эле терминге, мисалы, салыштыруу же метафора жөнүндөгү түшүнүккө мугалим окуучулардын көңүлүн бир нече жолу бурат. Буларды окуучулар V класста биринчи жолу өздөштүрүшкөнү менен кийинки жылдарда да чыгармаларды талдоо процессинде улантышат. Акырындык менен окуучулар түшүнүктөрдү системалаштырууга жетишишет. Мисалы, окуучуда тамсил жөнүндөгү түшүнүктү калыптандыруу үчүн бир нече тамсилди окутуп, анын маани-мазмуну жөнүндөгү маалыматты иштеп чыгуу оң. Ошондон кийин гана тамсилдин жанрдык өзгөчөлүктөрү боюнча аныктамага өтүү майнаптуу.

Адабият теориясынан маалымат берүүнүн төмөнкүдөй топтомдору актуалдуу экендигин далилдеди. Алар мындайча:

1. Адабий көркөм чыгарма — турмушту билүүнүн жана адеп-ахлактык, эстетикалык тарбия берүүнүн өзгөчө бир формасы экендиги. Фольклор жана жазма адабият. Жазуучу жана чыгарма.
2. Көркөм чыгарманын курамдык бөлүктөрү.
3. Көркөм чыгарманын композициясы.
4. Көркөм чыгарманын тили.
5. Ыр курулушунун негиздери.
6. Адабий жанрлар.

Мына ушул алты бөлүмдөгү адабий-теориялык түшүнүктөр окуучуларга кандайча ырааттуулукта жеткирилиши керек? Ушул алты бөлүмдү ар бир окуу жылына бөлүштүрүүгө болобу? Албетте, болбойт. Андай бөлүштүрүү жасалма болуп калат. Анткени V класста эле тексттин үстүндө иштөөдө көркөм адабияттын спецификалык бөтөнчөлүгүнө, элдик оозеки чыгармачылыкка, жазма адабият менен болгон байланышына, айырмачылыгына, чыгарманын составдуу бөлүктөрүнө, композиция-сюжетине, адабий тилине, жанрдын айрым түрлөрүнө ж.б. жөнүндө элементардык түрдө болсо да, билимдин кандайдыр бир деңгээлдеги суммасын берүүгө туура келет. Бирок билим андан ары да тереңдетилип жүрүп отурушу керек. Ошондуктан өтүлүп жаткан чыгармаларга байланыштуу жогорку бөлүмдөр жөнүндө ар бир класста өркүндөтүп улам жаңы түшүнүктөргө өтүүнүн зарылдыгын тажрыйбанын жүрүшү айкындады. Айталы, чыгарманын тилин үйрөнүүгө байланыштуу V класста (көркөм чыгарманын тили, салыштыруу), VI класста (гипербола, аллитерация, ассонанс, кейиптештирүү, метафора, историзм, архаизм, диалектизм), VII класста (троп жана анын түрлөрү) теориялык түшүнүктөр үзүлбөй улантуучулук негизде үйрөтүлүү аркылуу системалык мүнөзгө ээ болот.

Элдик оозеки чыгармачылык өзүнүн табийгы бөтөнчөлүктөрү менен жазма көркөм адабияттан айырмаланып турат. Окутуу процессинде жетекчиликке алынуучу ал бөтөнчөлүктөр төмөнкүлөр:

1. Элдик оозеки чыгармалар кылымдан-кылымга оздон-оозго көчүп, алгачкы авторлору белгисиз болуп, кошумча-алымчаларга учурап жүрүп отурат. Ошентип, оозеки айтылышы, сакталышы жана улантылышы боюнча айырмаланып турат. Фольклор миңдеген жылдар мурун пайда болуп, укумдан-тукумга оозеки түрдө өтүп, бүгүнкү күнгө чейин жашап келе жатат. Ал миңдеген адамдар тарабынан иштелип чыгат да, мыйзамдуу түрдө алымча-кошумчаларга дуушарланат. Таланттуу адамдардын өнөрканасынан өтүп, жогорку көркөмдүктөгү элдик идеянын эң сонун үлгүсүнө айланат.

Оозеки эл адабиятынын материалдары өзүнүн узак жашагандыгына байланыштуу дайыма өзгөрүүлөргө, жаңылануууларга дуушарланат. Фольклордук чыгармалар оозеки



жашагандыктан, ар бир айтуучу аларды каалаганындай, өзүнүн чыгармачыл мүмкүнчүлүгүнө жараша өзгөртүү укугуна ээ. Ошондуктан бир убакытта таланттуу киши тарабынан чыгарылса да, асыресе, ал адамдын аты унутулуп, кийинки аткаруучулар тарабынан көптөгөн алымча-кошумчаларга учурап, коллективдүү редакциядан өтүп, элдин рухий кенчине айланат.

2. Элдик оозеки чыгармаларга мифтик, тотемдик, магиялык түшүнүктөр типтүү.

3. Фольклордук чыгармалардын көпчүлүгүнө элдик фантазия, кыял эң жогорку деңгээлде өнүккөндүгү мүнөздүү.

4. Оозеки көркөм чыгармачылыктын узак убакыттар бою жашашы анын мазмунунун гана өзгөчөлүгүн айкындабастан, өзүнө ылайыктуу көркөм каражаттарынын, стилинин болушун да шарттаган. Ошондуктан оозеки чыгармаларга туруктуу эпитеттер, туруктуу параллелизмдер, туруктуу кайталоолор, айрым жанрларына (жөө жомокторго) туруктуу башталмалар жана аяктоолор таандык.

5. Элдик оозеки чыгармаларда (айталы, жөө жомоктордо) таз, кедей, жетим бала сыяктуу туруктуу оң каармандар жана хан, бий, соодагер, желмогуз кемпир сыяктуу туруктуу терс каармандар да болот.

Диссертацияда каралган элдик оозеки чыгармалар, спецификалык өзгөчөлүктөрү, жөө жомоктор, алардын жанрдык табияты, бөлүнүштөрү тууралуындагы маалыматтарды эске салуу, тереңдетүү жумушун мугалим окуучулардын алдына төмөнкүдөй суроолорду коюп жана аларга жооп алуу жумушунан баштоосу оң.

1. Элдик оозеки чыгармалар алгачкы учурларда кандайча жана кимдер тарабынан жаралат, алар эмне үчүн өзгөрүүлөргө, алымча-кошумчаларга дуушар болушат ?

2. Жөө жомоктордо эмнелер жөнүндө айтылат жана аларды адамдар эмне максат, тилек менен чыгарышкан?

3. "Жөө жомок", "жомок" терминдеринин кандай маанилери бар?

4. Жөө жомоктордун мүнөздүү өзгөчөлүктөрү жөнүндө эмнелерди айта аласыңар?

5. Жөө жомоктор мазмунуна карата канчага бөлүнөт?

6. Кереметтүү жөө жомоктордун турмуштук жөө жомоктордон болгон айырмачылыгы эмнеде?

7. Айбанаттар жөнүндөгү жөө жомоктор туурасында эмнелерди билесиңер?

Мугалим жогорку суроолорго жоопторду алгандан кийин эл оозеки адабияты, жөө жомоктор жөнүндөгү адабий түшүнүктөрдү корутундулайт.

**IV глава «Кыргыз профессионал жазма адабиятын окутууда адабий-теориялык түшүнүктөрдү калыптандырууга»** арналган. Бул бөлүмдү уюштурган параграфтарда иликтенген илимий проблемалар, негизинен адабий жанрлар: аңгеме, повесть, тамсил, поэма, роман, драма, ошондой эле, сюжет, композиция жана көркөм шарттуулук маселелери.

Аңгеме жөнүндөгү алгачкы түшүнүк К. Жантөшевдин "Чолпонбай", Ч. Айтматовдун "Атадан калган туяк" аңгемелерин окутуу процессинде берилет да, VI класста М. Элебаевдин "Бороондуу күнү" чыгармасын өткөндө эске салынып, терендетилет. Мугалим теманын төмөнкү өзгөчөлүктөрүнө токтолот:

1. Аңгемеде бир эпизод (айталы, "Атадан калган туяктагы" экрандагы жоокердин согуш талаасындагы иши) башкы маанини ээлейт да, калган эпизоддор (Абалбектин каникулга айылга келиши,балдар менен мамилеси, кино көрүшү, кинодогу жоокерди "атам" деп билиши, кино көрүп жаткандардын ичиндеги башка бир баланын мамилеси) ошол эпизодго жардамчы милдет аткарып, автордун берейин деген оюна (согуш алааматынын тагы) көмөкчү болушат.

2. Аңгемеде катышуучу каармандардын бири-бири менен болгон сүйлөшүүлөрү, башкача айтканда, диалог (Абалбектин энеси Жээнгүл менен же Абалбектин кино көрүп отургандардын ичиндеги бала менен диалогдору) кеңири орун алат.

3. Аңгемеде баяндоодон башка пейзажды ("Ай өйдөлөп калган экен. Төбөдө, капталда да бейкут жылдызлар да бейкут бет багып, бүт дүйнөдөн эч бир кабары жоктой — алыста. Бозомук түндүн аралыгында тээ бийикте тунарыңкы агарган зор тоолор да суз. Бери четте совхоздун оттору үлпүлдөп, андан ары өлчөөсүз чоң талаа туңгуюктанып, караңгы көл сыяктуу көшүлүп жатыптыр"), буюмдарды, катышуучу каармандардын портреттери, кулк-мүнөздөрдү ("атасы жапжаш неме экен. Тыгырчыгынан келген, тоголок жуздүү, курч тиктеген көздөрү көө, кир болгон бетинде жалтжулт этип чагылат. Бала анын ачуулуу кабак-кашын, кашкайган тиштерин, башындагы темир каскасын, погондорун — баарын тең байкап отурду") сүрөттөөлөр да орун алат.

4. Катышуучу адамдардын ичинен бирби же экиби (аңгемеде Абалбек анын кинодогу жоокер "атасы") адам гана башкы каарман болот да, калгандары (кино көрүүгө катышкан бала, кино механик, Абалбектин апасы Жээнгүл) жардамчы (экинчи катардагы) каармандардын милдетин аткарышат. Ушул өзгөчө белгилерди VI класста М. Элебаевдин "Бороондуу күнү" чыгармасынын фактыларынын негизинде өркүндөтүп, кийинки класстарда бул туурасындагы билимин бекемдеп, окуучулардын аңгеме жанры жөнүндөгү адабий-теориялык түшүнүктөрүн калыптандырууга болот.

Окуучулар көркөм окуунун, талдоонун натыйжасында көркөм чыгарманын сюжети, идеялык-тематикалык мазмуну, катышуучу каармандары жөнүндө толук маалыматка ээ болушкандан кийин корутунду сабакта повесть туурасында теориялык түшүнүк берилет.

Повесть — аңгеме менен романдын ортосундагы өткөөл жанр. Айрымдарынын көлөмү кичирээк болуп аңгемеге, кээлери форма жагынан алда канча чоңураак болуп, романга да жакындашып кетет. Бирок анын жанрдык спецификасын өлчөм—көлөм аныктабастан, чыгармадагы сүрөттөлгөн турмуштун көркөм-эстетикалык проблемалары, образдардын тереңделген психологизми ж.б. сапаттык касиеттер белгилейт. Ошондуктан айрым повесттер көлөмү жагынан чакан болуп, бирок сүрөттөлүп жаткан социалдык карама-каршылыктарды, конфликтилерди чагылдыруудагы философиялык арымы аркылуу жанрдын чен-өлчөмүн белгилейт же кеңитет. Мындай повесттерге Ч. Айтматовдун чыгармалары ишенимдүү далил. Ал гана эмес, залкар сүрөткердин повесттерине көрүнүктүү орус окумуштууларынын мүнөздөөсү боюнча "романдык мазмун" сыйгызылып, повесть жанрынын өздүк чегин кеңейткен. Диссертацияда «Бетме-бет» повестин окутуу процессинде жанрдык бөтөнчөлүктөрдү түшүндүрүүнүн үлгүсү иштелип чыккан.

Тамсил жөнүндөгү алгачкы адабий-теориялык маалымат VI класста Тоголок Молдонун "Иттин доолдай тиктирем дегени" аттуу чыгармасын үйрөнүүнүн процессинде ишке

ашырылат. Тамсилдин ангемеден айырмаланган төмөнкүдөй өзгөчөлүктөрү окуучуларга баяндалат:

1. Тамсилдин көпчүлүк учурда ыр түрүндө болушу жана алардын көлөм жагынан чакан экендиги. Айталы, орустун улуу тамсилчиси Крыловдун "Карышкыр менен козу" аттуу чыгармасы көлөмдүү тамсил деп эсептелип, бар болгону 50—60 гана жол ырдан турса, Тоголок Молдонун "Иттин доолдай тиктирем деген" тамсили 36 гана сап ырдан турат. Бирок тамсил дайыма эле ыр формасында болбостон, айрым учурда кара сөз түрүндө да кездешет.

2. Тамсилдин дайыма каймана (аллегориялык) мааниде баяндалып, катышуучу каармандарынын көпчүлүк учурда айбанаттар, канаттуулар, өсүмдүктөр, табийгат кубулуштары, планеталар болушу. Тоголок Молдонун тамсилинде жалкоо адамдын образынын иттин образы аркылуу берилиши. Ал эми турмушта ит эч качан «доолдай тиктирүүгө» аракет жасай албастыгы кимге да болсо түшүнүктүү. Дал ушул сюжеттик мотивдин өзүндө чыгарманын аллегориялык мааниси «сиңирилген».

3.Тамсилдин эң акыры дайыма акыл-насаат айтуу, калыстыкты жактап, караөзгөйлүктү сынга алуу, жамандыкты жек көрүп, жакшылыкты даңазалоо, кемчиликти көрсөтүп, аны кайталабоого чакыруу, теңсиздикти сындап, теңдикке умтулуу сыяктуу ыймандык тарбия берүүчү адеп-ахлак менен аякташы. Мындай сентенциялык жыйынтык — тамсилдерге гана мүнөздүү жанрдык өзгөчөлүк.

4. Көлөм жагынан чакан экендигине карабастан, тамсил өзүнө чоң идеяны камтыйт. Турмуш көрүнүштөрүнүн олуттуу жагын, адамдарга мүнөздүү болгон кыял-жорукту, коомдогу тигил же бул типтүү кырдаалдарды ишенимдүү жана жеткиликтүү сүрөттөйт. Аларды каймана мааниде сынга алып, мыскылдап, шылдыңдайт, ал кемчиликти кайталабоого, оңдоого чакырат. Тамсилде: "Ал аңгыча кыш өттү, Жадырап-жайнап жаз жетти. Ит унутту айтканын кышында музда жатканын", — делинип иттин образы аркылуу каймана мааниде жалкоону мыскылдайт.

5. Тамсилге көп учурда диалог мүнөздүү болот.

6. Тамсил көркөм окуунун бардык (жекече, ролдорго бөлүштүрүлүп, коллективдүү хор иретинде) түрлөрүнө өтө ылайыктуу жанр болуп эсептелет.



7. Тамсилде ырайымсыздыкты, ач көздүктү — арстан, амалкөйлүктү — карышкыр, куулукту — түлкү, жалкоолукту — ит, момундукту — козу, тазалыкты — булбул сыяктуу символдоштурган туруктуу каармандар жолугат.

Диссертацияда поэма менен тааныштыруу жумушу Т. Үмөталиевдин "Кубат", М. Абылкасымованын "Эстелик сүйлөйт" чыгармаларын үйрөнүүгө байланыштуу жүзөгө ашырылган. Поэма деген жанрдык термин грек тилинен алынган. Сөзмө-сөз алганда ал "жаратуу" деген маанини түшүндүрөт, дал ошол мааниге шайкеш келген лирикалык сюжетке ээ, ыр түрүндөгү эпикалык чыгарма поэманы жаратат. Белгилүү өлчөмдөгү катышуучулары болуу менен окуянын кең-кесири катмарын ичине алат. Поэма лирикалык чыгармалардан окуянын кеңири берилиши жана чечилиши, конкреттүү каармандардын аракеттениши, белгилүү сюжетке ээ болуп, бардык элементтеринин жана композициянын сюжеттен сырткары компоненттеринин толук орун алышы менен айырмаланып турат. Ал гана эмес, поэмаларда атайын пролог жана эпилог берилген учурлар да аз кездешпейт.

Поэмада да лирикадагыдай эле ритм, рифма, муун өлчөмдөрү, куплеттер башка жанрлардан айырмалоочу негизги белгилерден болот. Эпикалык жанрга жата турган повесть, романдардагыдай эле поэмада да бөлүмдөр, главалар, темалар орун алат. Орто кылымдарда элдик эпопеяны (эпосту) да поэма деп аташкан (азыркы күндөрдө элдик дастандарды да айрым учурларда поэма деп аташкандарын жолуктурабыз). Фольклордук жана жазма адабияттын салттарын өздөштүрүү менен поэмада адеп-ахлактык, ыймандык, философиялык ж.б. проблемалар бар. Поэма өзүнүн узак эволюциялык жолунда ар түркүн тарыхый, баатырдык, дидактикалык, философиялык, комедиялык, сатиралык, романтикалык, лирикалык, лирико-драмалык сыяктуу түрлөргө ээ болду.

Батыш Европада XII—XIII кылымдарда роман тилдеринде чыккан кара сөз түрүндөгү чыгармалар роман деген дефиницияга ээ болуп, мезгилдин өтүшү менен терминдин мааниси такталып, өзгөрүп, баяндоо мүнөзүндөгү эпикалык жанрдын ири формасын роман деп атай турган болушкан. Ошондуктан бүгүнкү күндөгү адабият теориясында турмуш-

тук татаал процессти, жашоодогу көйгөлүү көрүнүштөрдү өсүп-өнүгүү абалында көрсөткөн эпикалык жанрдын ири формасы роман болуп эсептелинет. Ал кара сөз түрүндө да (Т.Сыдыкбековдун "Тоо балдары", "Биздин замандын кишилери", Т. Касымбековдун "Сынган кылыч", "Келкел", М. Элебаевдин "Узак жол", Н. Байтемировдун "Тарых эстелиги" ж.б.), ыр формасында да (А. Токомбаевдин "Кандуу жылдар", А. Токтомушевдин "Алтын тоо", С. Жусуевдин "Курманжан датка") болот.

Романды эпикалык жанрдын башка формаларынан (аңгеме, повесть, поэма) айырмалаган өзгөчөлүктөрүнө: баяндоочулук мүнөзгө ээ болушу, көркөм чыгармага тиешелүү компоненттердин бардыгынын орун алышы, адамды турмуштук процесстердин татаал көрүнүштөрүндө сүрөттөп көрсөтүп, ар түрдүү каармандардын тагдырын ичине камтышы, ушуга байланыштуу сюжеттин көп салаалуу экендиги кирет. Аңгеме, повесттерге караганда, романдын персонаждары автор тарабынан бардык жагынан: коомдук, турмуштук, үй-бүлөлүк, кесиптик, сүйүү, достук, мүнөз, ички дүйнөсү ж.б. жагынан толук ачылып берилет да, алар бир гана эмес, бир нече окуяларга катышып, социалдык-турмуштук түмөн кырдаалдарда, конфликтилерде сүрөттөлөт. Мезгил жана мейкиндик проблемасынын чечилишине жараша кыска да, узак да, жакын да, алыс да болот. Айталы, "Кандуу жылдар" романында 1916-жылдагы козголоңдун алдындагы, көтөрүлүш мезгилиндеги, Кытайга качкандагы жана андан кайтып келгендеги эки-үч жыл ичиндеги гана кезең сүрөттөлсө, "Каныбек" романында Алай кыргыздарынын XIX кылымдын экинчи жарымынан тартып, XX кылымдын жыйырманчы жылдарына чейинки мезгилдеги социалдык-экономикалык жана турмуштук абалдары жалпылаштырылат.

Роман жанры композициялык түзүлүшү жагынан татаал, ал эми бөлүнүштөрү боюнча ар түрдүү. Адабият теориясында: тарыхый, социалдык-турмуштук, укмуштуу окуялуу-фантастикалык, өмүр баяндык, мемуардык, философиялык, социалдык-психологиялык деген сыяктуу түрлөрү белгилүү. Кыргыз профессионалдык жазма адабиятында бүгүнкү күндө романдын жогорку түрлөрүнүн дээрлик бардыгы кездешет. Мисалы, А. Токомбаевдин "Кандуу жылдар",



К. Баялиновдун "Боордоштор", Т. Касымбековдун "Сынган кылыч", "Кел кел" романдары тарыхый, Т. Сыдыкбековдун "Тоо арасында", К. Жантөшевдин "Каныбек" романдары социалдык-турмуштук, Н. Байтемировдун "Тарых эстелиги", С. Өмүрбаевдин "Телегей" романдары таржымалдык, М. Элебаевдин "Узак жол", Т. Сыдыкбековдун "Жол" романдары өмүр баяндык романдар болуп эсептелет. Эгерде У. Абдукаимовдун «Майдан» романы социалдык-психологиялык чыгарманын жаңы тибине жатса, Ч. Айтматовдун «Кылым карытар бир күн», «Кыямат», «Кассандранын тамгасы» социалдык-философиялык романдын жаңы баскычы десек болот. Каармандын сүрөттөлүшү, окуялардын өнүгүшү жагынан кээде бир нече роман (китеп) өз ара бир романды түзөт. Эки романдын мындайча берилиши экилтик, үч романдын биригиши үчилтик деп аталат. Романдын айрыкча ири жана монументалдуу формасы роман-эпопея деп аталат. Л. Толстойдун "Согуш жана тынчтык", М. Шолоховдун "Тынч Дон", М. Ауэзовдун "Абай" чыгармалары роман-эпопеяга жатат. Мына ушундай татаал адабий түшүнүктөрдү окутууда көркөм окуу, репродуктивдүү, жарым-жартылай изилдөө жана изилдөө усулдарын материалдардын мазмунуна, сабактын максатына жараша оптималдуу пайдаланyy максатка ылайыктуу.

Драма жөнүндөгү түшүнүк программа боюнча VII класста Ж. Садыковдун "Манастын уулу Семетей", Б. Жакиевдин "Атанын тагдыры" чыгармаларын үйрөнүүгө байланыштуу берилет. Мугалим кириш аңгемесинен кийин драмалык жанрга тиешелүү болгон төмөнкү өзгөчөлүктөрүн белгилейт.

1. Эпикалык чыгармаларга мүнөздүү болгон окуучу же угуучуга түздөн-түз аңгемелеп айтып берүүчү баяндоочунун, тагыраак айтканда, эпикага типтүү болгон баяндоо речинин жоктугу. Сүрөттөлүп жаткан тигил же бул көрүнүштү окуучуга баяндап берүүчүнүн драмада орун албагандыгы.

2. Эпикалык чыгармага караганда, драмада адам мүнөзүнүн динамикасынын курчтугу жана айкындыгы. Образга тиешелүү болгон өзгөчөлүктү көрүүчүнүн тез кабылдоосу жана байкашы. Драмадагы психологиянын тактыгынын каармандын аракетинен, кыймыл-мимикасынан, сүйлөө кебинен көрүүчүгө дароо байкалып турушу.

3. Драмадагы мүнөздөрдүн курч конфликттердин негизинде түзүлүшү. Алардын адам сезимине күчтүү таасирдүү-

лүгү, коомдук-психологиялык конфликттердин көрүүчүнүн көз алдында өтүшү, өнүгүшү жана чечилиши. Бул конфликттердин өтө тез, курч өнүккөн окуялардын натыйжасынан келип чыгышы.

4. Өзүнүн мезгилинде бул өзгөчөлүк анын прозага караганда сюжеттик түзүлүшүнүн бөтөнчөлүгүн – өтө курч жана тез, бирок ошол эле мезгилде таза чектелген (катышуучу каармандардын өлчөмдүү санда болушу, белгилүү гана убакытты көрсөтүшү, белгилүү маал мейкиндигине ылайыктанылышы ж.б.) түрдө болушун көрсөтөт.

5. Драмалык чыгармада адамдардын портрети автордук баяндоодо, лирикалык чегинүүлөрдө берилбестен, анын ордуна драманын башталышында эле автордук ремаркада таржымалданышы.

6. Эпикалык чыгармалардагы бөлүм, главалар драмада акт, көшөгө, көрүнүштөр аркылуу чагылдырышы.

7. Пейзаж жана буюмдарды прозадагыдай автордук сүрөттөөлөр аркылуу эмес, ар бир көшөгөнүн алдында автордун кыска ремаркасында гана баяндалып, толук өз деңгээлинде режиссердук декорация менен ишке ашышы.

Драмалык жанрга байланыштуу бул өзгөчөлүктөр талдоонун жүрүшүндө, окутуу процессинде жогоруда көрсөтүлгөн драмалардын факт-материалдары менен диссертацияда тийешелүү түрдө аныкталып мүнөздөлгөн.

Окуялардын системасы, турмуштук кубулуштардын өз ара тыгыз байланышы жана ырааттуу өсүп-өнүгүүсү сюжетке тиешелүү болсо, чыгарманын бүтүндүгүн, курулуш-түзүлүшүнүн архитектурасын бириктирип турган калган компоненттеринин бардыгы композицияга таандык. Бул экөөсүз бир бүтүн көркөм чыгарма жаралбайт. Ошондуктан алар мектеп методикасында да, адабият таануу илиминде да бири-бири менен байланышта каралат жана үйрөнүлөт. Диссертациялык эмгекте алардын гармониясы жана окутуунун мазмундары, методдору рационалдуу баяндалган.

Көркөм шарттуулук – реалдуу турмушту көркөм чагылдыруунун өзүнчө бир формасы. Мында турмуш чындыгы, реалдуу жагдайлар, шарттуу алынган көрүнүштөр, шарттуу алынган образдар аркылуу элестетилет. Диссертацияда көркөм шарттуулук жөнүндө түшүнүктү тереңдетүү IX класста Ч. Айтматовдун "Саманчынын жолу" повестин талдоонун жана үйрөтүүнүн процессинде берилген.



**Тажрыйбанын жыйынтыгы.** Жалпылаштырып айтканда, окуучулардын адабий чыгармаларды түшүнүүлөрү жана аны кабыл алууга жетишүүлөрү баарыдан мурун алардын адабияттын спецификасын, функциясын, илим катарында өзгөчөлүктөрүн өздөштүрүүлөрүнө, башкача айтканда, адабият таануу илиминен—адабияттын теориясынан алган билимдеринин баштапкы абалындагы деңгээли менен окутуу процессинин аягындагы мүмкүнчүлүгүнүн деңгээлине жараша болот. Мектептерде адабият теориясынан билим берүүнүн жыйынтыгы мына ушул чен-критерий менен өлчөнөт.

Педагогикалык тажрыйба үч этапта жүргүзүлдү. Анын биринчи этабында аныктоочу (1990–1993-жылдар), андан кийин экинчи этап үйрөтүүчү (1994–1998-жылдар) өңүттө болуп, алардын ар биринде өз алдынча ар кандай мүнөздөгү, маани-мазмундагы максаттарды коюп, алар толугу менен жүзөгө ашты. Айрыкча, изилдөөнүн үчүнчү этабында текшерүү, жайылтуу (1999–2003) тажрыйбасында изденүүчү сунуш кылган методикалык системанын натыйжалуулугун текшерүү иштери жүргүзүлдү.

Кыргыз элинин оозеки көркөм казынасы жөнүндөгү алгачкы маалыматтар пландуу түрдө V класстан башталып, дидактиканын жөнөкөйдөн татаалга өтүү принцибине ылайык өркүндөтүлүп отурат да, VIII класста жыйынтыкталат. Ошого ылайык аталган класста элдик оозеки чыгармалардын бөтөнчөлүгүн туюндурган суроолорду (1. Элдик оозеки чыгармалардын авторлору кимдер? 2. Мифтик, тотемдик, магиялык түшүнүктөр фольклордо кездешеби? 3. Фольклордук чыгармалардын көпчүлүгүндө эмне үчүн фантазия өнүккөн? 4. Элдик оозеки чыгармачылыктын стилине, көркөм каражаттарына туруктуу башталмалар жана аяктоолор мүнөздүүбү? 5. Элдик оозеки чыгармаларда туруктуу оң жана терс каармандар болушу мүмкүнбү?) окуучуларга бердик.

Тажрыйба жана текшерүү класстарындагы окуучулардын жоопторунун катышы төмөнкүдөй болду (Бишкек шаарындагы № 1, 5, 38, 39- мектептеринде аталган суроолорго жооптор алынды).

Таблица №1

| Суроолор / Класстар | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
|---|---|---|---|---|---|
| Тажрыйба класстары 217 | 163 (75%) | 141 (65%) | 161 (74%) | 148 (68%) | 154 (71%) |
| Текшерүү класстары 214 | 124 (58%) | 92 (43%) | 120 (56%) | 111 (52%) | 109 (51%) |
| **Айырмасы %** | **+17%** | **+22%** | **+18%** | **+16%** | **+20%** |

Демек, негизинен элдик оозеки чыгармачылыктын өзгөчөлүгүн аныктаган теориялык түшүнүктөр боюнча тажрыйба өткөрүлгөн класстардын окуучуларынын билимдери текшерүү класстарынын окуучуларынын билимдерине караганда жогору экендиги тастыкталды. Башкача айтканда, эки класстын окуучуларынын билим деңгээлдеринин ортосундагы айырма 16–22 пайыздын тегерегинде.

Жөө жомоктор маанисине карай бөлүштүрүлүп окутулат. Алар: айбанаттар жөнүндөгү жөө жомоктор, укмуштуу же кереметтүү жөө жомоктор жана турмуштук жөө жомоктор. Булардын өз ара айырмачылыктарын аныктоону талап кылган суроолор менен тажрыйба жана текшерүү класстарынын окуучуларына кайрылганда, жооптордун жыйынтыгы төмөнкүдөй болду. Бул процесске Бишкек шаарындагы № 1, 38, 39, 67, 51- мектептердин окуучулары тартылды.

Таблица №2

| Суроолордун типтери | Окуучулардын саны | Тажрыйба класстары | Текшерүү класстары | Айырмасы% |
|---|---|---|---|---|
| Айбанаттар жөнүндөгү жөө жомоктор | 370 | 221 (59,5%) | 149 (40,5%) | +19% |
| Укмуштуу же кереметтүү жөө жомоктор | 370 | 222 (60%) | 148 (40%) | +20% |
| Турмуштук жөө жомоктор | 370 | 226 (61%) | 144 (39%) | +22% |



Фактылар айкындап тургандай, аталган түшүнүктөр боюнча текшерүү класстарынын окуу процессинин жыйынтыгы менен тажрыйба класстарындагы окуу процессинин жыйынтыгынын айырмасы 19–22 пайыздык айырманы түзүп турат. Бул деген жомоктордун ич ара бөлүнүшүнүн чектерин, айырмачылыктары жана жалпылыктары боюнча тажрыйба класстарынын окуучуларынын билим деңгээлдеринин толуктугунан маалымат берүүдө. Ал эми текшерүү класстарындагы окуучулардын билим деңгээлдери үстүртөн экендигинен кабар берип турат.

Кыргыз адабиятынын программасында К. Жантөшевдун «Чолпонбай», Ч. Айтматовдун «Атадан калган туяк» чыгармаларын үйрөнүү процессинде аңгеме тууралуу алгачкы түшүнүк берилет. VI класста М. Элебаевдин «Бороондуу күнү» аңгемесин өтүү аркылуу аталган түшүнүктү тереңдетип үйрөтүү жөнөкөйдөн татаалды карай улантылат жана өркүндөтүлөт. Ошондуктан аңгеменин табиятын аныктаган белгилерге (көлөмүнө, сюжеттик-композициялык табиятына, каармандарынын санына ж.б.) карата тест түзүп, ага тажрыйба жана текшерүү класстарынан жооп алдык. Анын жыйынтыктары төмөнкүдөй болду. Тажрыйбага Бишкек шаарындагы № 1, 5, 38, 39, 67, 51, 83-мектептердин окуучулары катышты.

Таблица №3

| Суроо тапшырмалар Класстар | Толук жооп бергендер | Жарым жартылай жооп бергендер | Жооп бербегендер |
|---|---|---|---|
| Тажрыйба класстарынан 574 окуучу | 310 (54%) | 207 (36%) | 57 (10%) |
| Текшерүү класстарынан 560 окуучу | 168 (30%) | 291 (52%) | 101 (18%) |
| **Айырмасы %** | **+24%** | **– 16%** | **– 8%** |

Толук жооп бергендердин айырмасы +24%. Демек, тажрыйба класстарынын окуучуларынын билимине караганда, текшерүү класстарында төмөн экендиги өйдөкү таблицада көрүнүп турат.

VI класста повесть жөнүндөгү алгачкы түшүнүк (Ч. Айтматовдун «Бетме-бет» чыгармасына байланыштуу) берилет да, VII класста А. Токомбаевдин «Жараланган жүрөгүн»

өтүү аркылуу өркүндөтүлөт. Адабияттын системалык курсунда тереңдетилип жүрүп отурат. Ырас, повесть – аңгеме менен романдын ортосундагы кандайдыр бир даражадагы өткөөл жанр. Анын айрымдарынын көлөмү кичирээк болуп аңгемеге жакындап турса, кээлери формасы жагынан алдаганча чоңуурак келип, романга да чукулдап кетет. Бирок анын жанрдык чеги көлөм менен аныкталбастан, сапаттык касиеттер аркылуу бааланат. Ошондуктан тажрыйба жана текшерүү класстарында окуучулардын аталган жанр боюнча түшүнүктөрүн, жетишкендиктерин аныктоо максатында тест түзүп, ал жоопторду талдоого алганда төмөнкүдөй натыйжа келип чыкты. Окуучулардын билими 100 балл менен өлчөндү (диссертацияда № 6-таблица).

Тажрыйба коюлган класстардын окуучулары повесть романга караганда, бир-эки гана башкы каармандын сүрөттөөрүн, алардын турмушунун азыраак мезгилин көрсөтөөрүн, аңгемеге салыштырганда бир эки эпизод эмес, бир нече эпизодду жалпылаштыраары, сюжет жана композиция жагынан романга караганда, кыскалыгы, аңгемеге теңештиргенде кеңендиги менен айырмаланаарын, негизинен, белгилей алышкандыгы байкалат. Дагы тагыраак айтканда, тажрыйба класстарындагы окуучулардын материалды өздөштүрүүсү бир кыйла жогору болуп чыкты. Бул биздин илимий божомолдорубуздун тууралыгын далилдеди.

Тамсил жөнүндөгү адабий-теориялык түшүнүк Т. Молдонун «Иттин доолдай тиктирем дегени» аттуу чыгармасын үйрөтүү аркылуу башталып, класс жогорулаган сайын өркүндөтүлүп отурат. Тажрыйба класстарында да, текшерүү класстарында да окуучулардын жетишкендиктерин аныктоо максатында адабият теориясына арналган жазуу жумушун жүргүздүк. Окуучулардын билимин беш баллдык система менен аныктаганда жыйынтык төмөнкүдөй болду:

Таблица №4

| Класстар | Окуучунун саны | «5» | «4» | «3» | «2» |
|---|---|---|---|---|---|
| Тажрыйба класстары | 562 | 90 (16%) | 191 (34%) | 236 (42%) | 45 (8%) |
| Текшерүү класстары | 559 | 39 (7%) | 89 (16%) | 352 (63%) | 78 (14%) |
| **Айырмасы %** | | **+9%** | **+18%** | **–21%** | **–6%** |



Таблицадан көрүнүп тургандай, тажрыйба класстарынын окуучулары программалык материалдарды текшерүү класстарынын окуучуларына караганда 9–18% жогору кабыл алган.

Ошондой эле тажрыйба процессинде мектеп окуучуларынын жанрлардын өзгөчөлүгүн аныктаган түйүндүү суроолорго окуучулардын берген жооптору талдоого алынды. Тажрыйба класстарына 291, текшерүү класстарынан 283 окуучу катышты (№ 1, 5, 38, 39-мектептери). Окуучулардын биliminин сапаттык айырмасы диссертациядагы №8-таблицада көрсөтүлгөндөй, 21–25% айланасында болуп, тажрыйба класстарынын артыкчылыгы даана көрүндү.

Башка чыгармалардан айырмаланып, драма жанрынын эки жагы бар. Биринчиден, баардык жанрдагы көркөм чыгармага тиешелүү болгон адабий жагы, экинчиден, театр искусствосуна тиешелүү сахналык табияты. Ошондуктан VII класста Б. Жакиевдин «Атанын тагдыры», IX класста К. Жантөшевдин «Курманбек», К. Маликов, А. Куттубаевдин «Жаңыл Мырза», Ш. Садыбакасовдун «Ак боз ат», XI класста Ж. Турусбековдун «Ажал ордуна» чыгармаларына байланыштуу драмалык жанрдык өзгөчөлүгүн аныктаган суроолорго жоопту төмөнкүдөй сапаттык айырмада беришти. Буга №1, 38, 39, 67-орто мектебинин (тажрыйба класстары–380; текшерүү класстары –372) окуучулары катышты.

Таблица №5

| Драманын көркөмдүк өзгөчөлүгү | VII класс | | Айырмасы % | IX класс | | Айырмасы % | XI класс | | Айырмасы % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Тажр. | Текш. | | Тажр | Текш. | | Тажр | Текш. | |
| Драмадагы конфликт жана мүнөз | 90 % | 66 % | **+24%** | 93 % | 76 % | **+17%** | 94 % | 72 % | **+22%** |
| Драмадагы кептин (речь) өзгөчөлүгү | 90 % | 70 % | **+20%** | 91 % | 72 % | **+19%** | 91 % | 70 % | **+21%** |
| Драманын сахналык табияты | 91 % | 73 % | **+18%** | 94 % | 77 % | **+17%** | 95 % | 76 % | **+19%** |

Фактыдан көрүнүп тургандай, аталган түшүнүктөр боюнча тажрыйба жана текшерүү класстарынын окуучуларынын билим деңгээлдери 17–25% тегерегинде. Алынган натыйжалар драма боюнча адабият теориясынан түшүнүк берүүнүн божомолун далилдөө менен сунуш этилген методиканын оптималдуулугун айкындап турат.

Тажрыйба класстарындагы окуучулардын (Адабияттын системалык курсунда) адабият теориясы боюнча билимдерин аныктоо максатында суроолордун топтомун берип, алардын жыйынтыгын талдоого алдык. Жалпы жыйынтык диссертациядагы №10-таблицада берилген. Жооптор № 1, 5, 38, 39, 67-мектептердин окуучуларынан алынды.

Толук жооп бергендердин проценттик катышы 63–70% жогору, ошондой эле жарым-жартылай жооп бергендер жана таптакыр жооп бербей койгондорго караганда, бир кыйла жогору. Демек, илимий божомолдун айкындыгын тажрыйбанын өйдөкү жыйынтыктары далилдөөдө.

Ал эми окуу жылынын акырында бүтүрүү класстарындагы окуучулардын теориялык түшүнүктөр боюнча билимдерин жана адабий көркөм факт-материалдар менен синтездеп айтып берүү көрсөткүчтөрү диссертациядагы №11-таблицада берилди. Тажрыйба жана текшерүү класстарындагы окуучулардын билимдеринин билгичтиктеринин жана көндүмдөрүнүн айырмасы – 21–25%. Бул айырма тажрыйба класстарынын окуучулары окуу материалын толук же негизинен өздөштүрүшкөндүгүн, өзөктүү жоболорду туура түшүнгөндүгүн, кабыл алган билимдерин практикада колдоно алгандыктарын айтып турат. Демек, билимдин бул дээңгээли тажрыйба жараянынын сапаттуу жана натыйжалуу өткөндүгүн тастыктоодо.

IX–XI класстардагы окуучулардын адабият теориясы боюнча зарыл билимге, билгичтиктерге ээ болушун жана көндүмдөрүн аныктоо максатында жыйынтыктоо сабактары өткөрүлүп, анда окуучуларга 14 түйүндүү суроолор берилип, жыйынтык диссертациядагы №12-таблицада толук чагылдырылган. Ошентип, зарыл билимге, билгичтикке ээ болгондордун айырмасы 20–24% болсо, аны көндүмгө айландырып, практикада колдоно алгандардын айырмасы 34–37% түзөт. Мунун өзү диссертацияда иштеп чыккан системанын натыйжалуу экендигин айкындайт.



Диссертациянын корутундусунда изилдөөнүн төмөндөгүдөй жалпыланган жыйынтыктары чыгарылды:

– кыргыз мектептеринде адабият теориясынан берилүүчү билимдин мазмуну жана формалары;

– кыргыз мектептеринде адабият теориясын окутуу процессинин максаты жана мазмуну;

– адабият теориясын окутуунун принциптери жана мыйзамченемдүүлүктөрү;

– адабият теориясын окутуунун методдору, ыкмалары жана каражаттары;

– адабият теориясын окутуу процессин уюштуруу;

– адабият теориясын окутуу процессинин тажрыйбалык жыйынтыктары.

## Диссертациянын мазмуну төмөнкү эмгектерде чагылдырылган

1. Кыргыз орто мектептеринде Ч. Айтматовдун чыгармаларын үйрөнүү процессинде окуучулардын адабий-теориялык түшүнүктөрүн калыптандыруу (окуу куралы). – Бишкек: Илим, 1993, 15,5 б.т.

2. Кыргыз мектептеринде адабият теориясын окутуу: Монография. – Бишкек: АРХИ, 2004, 7 б.т.

3. Н. Байтемировдун «Тарых эстелиги» романына адабий талдоо жүргүзүү . Актуальные вопросы методики преподавания национального языка и литературы в школе и вузе. – Фрунзе, 1982, 0,3 б.т.

4. Кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинде «Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы көркөм каражаттар» деген темада атайын курсту уюштуруу. Проблемы интенсификации и учебно-воспитательной работы в свете решений XXVII съезда КПСС. – Фрунзе, 1986, 0,3 б.т.

5. Кыргыз тилинин программасы. Атайын окуу жайлары үчүн. – Фрунзе: Мектеп, 1989, 1,25 б.т.

6. Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы троптун татаал түрлөрүн (метафораны) окутуу маселесине карата. Кыргыз республикасынын УИАсынын корр.-мүчөсү, филология илимдеринин доктору, проф. К.К. Сартбаевдин 80 жылдыгына карата арналган илимий-практикалык конференциянын баяндамалары. – Бишкек, 1991, 0,3 б.т.

7. Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы салыштырууларды окутуунун айрым маселелери. Кыргыз Республикасынын УИАсынын корр.-мүчөсү, филология илимдеринин доктору, проф. К.К. Сартбаевдин 80 жылдыгына арналган илимий-практикалык конференциянын баяндамалары. – Бишкек, 1991, 0,3 б.т.

8. Этапно-модульная рейтинговая система контроля знаний студентов // Наука и новые технологии, №3, – Бишкек, 1998, 1 б.т./ 0,3 б.т. (в соавторстве).

9. Современное состояние и перспективы целевой подготовки специалистов в КР. Образование и молодежь в XXI веке (материалы научно-практической конференции профессорско-преподавательского состава и студентов ИЦПС КГНУ, посвященной году молодежи и образования (21–22 апреля 2000). – Бишкек: Илим, 2000, 0,3 б.т.



10.Из опыта целевой подготовки специалистов в Кыргызском государственном национальном университете. Университетское образование и общество в третьем тысячелетии (XXX Международная научно-методическая конференция), часть 2. – Алматы: КазГУ, 2000, 0,3 б.т./ 0,1 б.т. (в соавторстве).

11.Адабиятты жана анын теориясын предмет аралык байланышта окутуунун айрым проблемалары // Эл агартуу, № 7–8, 2001, 0,4 б.т.

12.Адабият теориясын окутуу – көркөм-эстетикалык билим берүүнүн алкагында // Эл агартуу, № 7–8, 2001, 0,5 б.т.

13.«Бугу Эне» жомогунун негизинде окуучуларга адабий-теориялык маалымат берүүнүн мүмкүндүктөрү // Политика и общество. – Бишкек, № 3 (7), 2001, 0,5 б.т.

14.Модульная технология обучения и рейтинговая система контроля (Пособие для преподавателей). – Бишкек, 2001, 1,8 б.т./0,8 б.т. (в соавторстве).

15.Адабият теориясы окуу программаларында жана окуу китептеринде. Высшая школа и современность. Материалы межвузовской научно-практической конференции, посвященной 10-летию независимости Кыргызской Республики, 50-летию КГНУ и 5-летию ИЦПС, часть I. – Бишкек, 2001, 0,7 б.т.

16.Адабият таануу жана адабиятты окутуунун методикасы. Труды института целевой подготовки специалистов, выпуск I. – Бишкек, 2001, 0,7 б.т.

17.Адабият теориясын окутуунун методикадагы алган орду. Труды института целевой подготовки специалистов, выпуск I. – Бишкек: Илим, 2001, 0,7 б.т.

18.Сөз өнөрүнүн коомдук маанисин окуучуларга үйрөтүү // Вестник КГНУ, серия 4. – Бишкек 2001, 0,3 б.т.

19.Образ жөнүндөгү түшүнүктү мектеп окуучуларына терендетип үйрөтүү // Вестник КГНУ, серия 4. – Бишкек, 2001, 0,5 б.т.

20.Мектепте адабият теориясын окутууда колдонулуучу принциптер // Вестник КГНУ, серия 1, Выпуск 4. – Бишкек, 2001, 0,5 б.т.

21.Мектепте адабият теориясын окутууга коюлуучу талаптар // Вестник КГНУ, серия I, выпуск 4. – Бишкек, 2001, 0,7 б.т.

22.Турмуштун көп түрдүүлүгүнүн көркөм чыгармада чагылдырылышынын формаларын окуучуларга үйрөтүү. Высшая школа и современность. Материалы межвузовской научно-технической конференции, посвященной 10-летию независимости Кыргызской Республики, 50-летию КГНУ и 5-летию ИЦПС часть II. – Бишкек, 2001, 0,5 б.т.

23.Адабий жомокторду окутуунун айрым проблемалары // Политика и общество, 4 (8). – Бишкек, 2001, 0,5 б.т.

24.Мектепте көркөм чыгарманын мазмунун жана формасын үйрөтүүнүн проблемалары. Высшая школа и современность. Материалы межвузовской научно-технической конференции, посвящен. 10-летию независимости Кыргызской Республики, 50-летию КГНУ и 5-летию ИЦПС. Часть II. – Бишкек, 2001, 0,5 б.т.

25.Адабият теориясын окутуу методика илиминде // Высшая школа и современность. Часть I. – Бишкек, 2002, 0,5 б.т.

26.Образ, образдуулук түшүнүктөрүн мектепте окутуу. Труды института целевой подготовки специалистов, выпуск II. – Бишкек, 2002, 0,5 б.т.

27.V–IX класстарда адабият теориясын окутуунун проблемалары. Труды института целевой подготовки специалистов, выпуск II.-Бишкек, 2002, 0,5 б.т.

28.Состояние и перспективы подготовки специалистов по компьютерным технологиям и бизнес образованию в Кыргызской Республике // Социальные и гуманитарные науки, №1–2. – Бишкек, 2002, 0,5 б.т./0,2 б.т. (в соавторстве).

29.V–IX класстарда элдик оозеки адабиятын үлгүлөрүн үйрөнүүгө байланыштуу берилүүчү айрым адабий-теориялык түшүнүктөр. Китепте: К. Сартбаев – окумуштуу жана педагог. – Бишкек, 2002, 0,5 б.т.



30.Программалык материалдардын негизинде жөө жомоктор жөнүндө адабий-теориялык түшүнүк берүү. Китепте: К. Сартбаев – окумуштуу жана педагог. – Бишкек, 2002, 0,5 б.т.

31.Новые задачи образовательной политики // Вестник КГНУ, серия I.– Б., 2002, 3–4-б.

32.Көркөм шарттуулук жөнүндөгү түшүнүктү окуучуларга үйрөтүү // Вестник КГНУ, серия I. – Б., 2002, 0,7 б.т.

33.Көркөм чыгарманын композициясын үйрөтүүнүн маселелери // Вестник КГНУ, серия I. – Б., 2002, 0,7 б.т.

34.Мектептерде жөө жомокторду окутуунун маселелери. //Вестник КНУ им.Ж.Баласагына, серия 1. – Б., 2002, 0,5 б.т.

35.«Ак кеме» повестиндеги «Бугу Эне» жөнүндөгү адабий жомокту окутуу // Вестник КНУ им.Ж.Баласагына, серия 1. – Б., 2002, 0,3 б.т.

36.Адабият теориясын окутууга коюлуучу методикалык талаптар туурасында. Проф. Н. Оралбаева жэне тил билими мен эдистеме илими халыкаралык гылымы конференциясынын материалдары 21–22 карата – Алматы, 2003, 0,5 б.т.

37.Адабият теориясын окутуудагы принциптер жөнүндө. Проф.Н.Оралбаева жэне тил билими мен эдистеме илими халыкаралык гылымы конференциясынын материалдары 21–22 карата – Алматы, 2003, 0,5 б.т.

38.Сөз өнөрүнүн коомдук мааниси. Новые информационные технологии в образовании. Материалы четвертой международной научно-практической конференции 12–13 декабря – Алматы, 2003, 0,5 б.т.

39.Көркөм адабияттын предметинин илимден жана искусствонун башка түрлөрүнөн айырмасын окуучуларга үйрөтүү // Вестник КНУ им.Ж.Баласагына, серия 2. – Б., 2003, 0,7 б.т.

40.Көркөм чыгарманын тили жана аны үйрөтүүнүн проблемалары // Вестник КНУ им.Ж.Баласагына, серия 2. – Б., 2003, 0,7 б.т.

41.Адабият теориясына арналган эмгектер // Вестник КНУ им.Ж.Баласагына, серия 1, выпуск 4. – Б., 2004, 0,5 б.т.

42.Адабият теориясынын айрым маселелери // Вестник КНУ им.Ж.Баласагына, серия 1, выпуск 4. – Б., 2004, 0,5 б.т.

43. Адабий жанрлар жөнүндө // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына, серия 1, выпуск 3. – Б., 2004, 0,7 б.т.

44. Адабий жанрлар туурасында айрым ойлор // Вестник КНУ им.Ж.Баласагына, серия 1, выпуск 3. – Б., 2004, 0,5 б.т.



**И.Ч. Исамидиновдун «Кыргыз орто мектептеринде адабият теориясын окутуу» деген диссертациялык изилдөөсүнө**

# АННОТАЦИЯ

**Түйүндүү түшүнүктөр:** адабият теориясын окутуунун жалпы педагогикалык проблемалары, адабий билим берүүнүн өнүгүшү; адабияттын мектептик курсундагы негизги адабий-теориялык түшүнүктөрдү жана категорияларды ачып берүү; элдик оозеки чыгармаларды үйрөтүүдө өзөктүү адабий-теориялык түшүнүктөрдү калыптандыруу; кыргыз профессионал жазма адабиятын үйрөтүү процессинде адабий-теориялык түшүнүктөрдү системалаштыруу.

**Изилдөөнүн объектиси.** Жалпы билим берүүчү орто мектептерде кыргыз адабиятын окутуу процесси.

**Изилдөөнүн максаттары:**

(1) жалпы билим берүүчү мектептерде адабият теориясын үйрөтүүдө жана окутууда педагогикалык, методикалык проблемаларды жана мыйзам ченемдүүлүктөрдү ачып берүү;

(2) адабият боюнча киришүү сабактарында адабий-теориялык түшүнүктөрдү окутуунун методикалык негиздерин иштеп чыгуу;

(3) элдик оозеки адабияттын үлгүлөрүн өздөштүрүү процессинде адабий-теориялык түшүнүктөрдүн системасына ээ болууда методдордун, ыкмалардын жана каражаттардын комплексин аныктоо;

(4) кыргыз профессионал адабиятын үйрөтүү процессинде адабият теориясынын негиздерин окутуунун илимий-методикалык өбөлгөлөрүн тактоо жана системалаштыруу;

(5) окуу кыргыз тилиндеги мектептерде адабият теориясына таянуу аркылуу кыргыз адабиятын окутуунун принциптерин жана илимий системасын уюштуруу.

**Илимий изилдөөнүн жаңылыгы жана теориялык мааниси:** биринчи жолу кыргыз адабиятын окутуунун методикасында (а) кыргыз мектептеринде адабий-теориялык түшүнүктөрдү окутуунун методикасынын абалы системалуу- комплекстүү талдоо аркылуу көрсөтүлдү; (б) адабияттын мектептик курсунда адабий-теориялык аныктамаларды окутуунун эволюциясы диахрондуу-аналитикалык усулду колдонуунун негизинде изилденди; (в) азыркы мезгилдеги адабият теориясын окутуунун актуалдуу проблемаларына талдоо жүргүзүлдү; (г) кыргыз адабиятынын мектеп курсунда адабий-теориялык түшүнүктөрдү окутуунун илимий жактан такталган теориялык жана методикалык негиздери иштелип чыкты; (д) адабий-теориялык категорияларды окутуунун жалпы дидактикалык системасынын концепциясы сунушталды.

**Изилдөөнүн материалдары жана жыйынтыктары** ири илимий проблемалардын чечилгендигин айкындайт жана ал жакын илимий тармактарга, атап айтканда, жалпы педагогика, дидактика, кыргыз тилинин методикасы үчүн да концептуалдуу мааниге ээ.

# АННОТАЦИЯ

## диссертационного исследования И.Ч. Исамидинова "Преподавание теории литературы в кыргызской школе"

**Ключевые термины:** развитие литературного образования, общепедагогические проблемы преподавания теории литературы; раскрытие основных литературно-теоретических понятий и категорий в школьном курсе литературы; формирование базовых литературно-теоретических понятий на материале изучения устного народного творчества; систематизация литературно-теоретических понятий в процессе изучения кыргызской профессиональной литературы.

**Объект исследования** – процесс преподавания кыргызской литературы в общеобразовательной школе.

**Цели исследования:**

(1) выявление общепедагогических и методических проблем и закономерностей процесса изучения и преподавания теории литературы в общеобразовательной школе;

(2) разработка методических основ преподавания литературно-теоретических понятий на вводных уроках по литературе;

(3) определение комплекса методов, способов и средств овладения системой литературно-теоретических понятий в процессе освоения материала устного народного творчества;

(4) уточнение и систематизация научно-методических предпосылок преподавания основ теории литературы в процессе изучения кыргызской профессиональной литературы;

(5) разработка научной системы, принципов преподавания кыргызской литературы с опорой на теории литературы в школах с кыргызским языком обучения.

**Новизна и теоретическая значимость исследования:** впервые в методике преподавания кыргызской литературы (а) продемонстрирован системно-комплексный подход в анализе состояния методики преподавания литературно-теоретических понятий в кыргызской школе; (б) детально прослежена, на основе применения диахронно-аналитического метода, последовательная эволюция системы преподавания литературно-теоретических дефиниций в школьном курсе литературы; (в) проведена экспликация актуальных проблем методики преподавания теории литературы на современном этапе; (г) разработаны научно-обоснованные теоретические и методические основы преподавания литературно-теоретических понятий в школьном курсе кыргызской литературы; (д) предложена концепция общедидактической системы преподавания литературно-теоретических категорий.

**Материал и выводы** проведенного интердисциплинарного исследования свидетельствуют о решении важной научной проблемы и имеют концептуальное значение для таких смежных научных дисциплин, как общая педагогика, дидактика, методика преподавания кыргызского языка.



# ANNOTATION

## of. I. Ch. Isamidinov's dissertation research "Teaching of Literature Theory in Kyrgyz schools"

**Key terms:** Development of literary education, general pedagogic problems of teaching Theory of Literature; explanation of main theoretical-literary concepts and categories in school course of Literature; formation of basic literary-theoretical concepts in the process of studying Kyrgyz folklore; systematization of literary-theoretical concepts in the process of studying Kyrgyz professional Literature.

**Research objective.** Process of teaching Kyrgyz literature in schools providing general education.

**Research goals:**

(1) exposure of pedagogic and methodological problems and appropriateness of processes studying and teaching Literature Theory in schools providing general education.

(2) elaboration of methods of teaching literary-theoretical concepts in classes of introductory studies of literature;

(3) determination of complex methods, ways and means of mastering systems of literary-theoretical concepts in the process of becoming familiar with Kyrgyz folklore;

(4) Specification and systematization of scientific-methodological prerequisites of teaching literary-theoretical principles in the process of studying Kyrgyz professional literature;

(5) elaboration of scientific systems and principles of teaching Kyrgyz literature in schools offering education in the Kyrgyz language.

**Originality and theoretical significance of scientific research:** For the first time in the methods of teaching Kyrgyz literature a) systematic and complex analysis of teaching methods of literary-theoretical concepts in Kyrgyz schools has been demonstrated; b) on the ase of using diachronic-analytical methods the consistent evolution of literary-theoretical definition of teaching at secondary schools is thoroughly observed; c) explication of actual problems of teaching Literature Theory methods at present stage is done; d) methodical and theoretical guidelines for teaching literary-theoretical concepts of Kyrgyz literature at schools are defined; e) general didactic system of teaching literary-theoretical concepts is suggested.

**Materials and research conclusions** of interdisciplinary research are evidence of solving important scientific problem and are relevant and concept ional for such closely related sciences as pedagogy, didactics and methods of teaching the Kyrgyz language.

Сдано в печать 06.01.2005. Бумага офсетная. Формат 84x108 $^1/_{32}$.
Объем 2,75 п.л. Тираж 100 экз. Заказ № 0005.

Инновационный Центр "АРХИ"
Тел./факс: +996 (312) 51-02-57
720005, Кыргызская Республика,
г. Бишкек, ул. Суванбердиева, 102
E-mail: ic_archi@mail.ru